| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги сегизинчи сессиясы

ТОКТОМ №8-1

Мундуз айылы 13-февраль 2025-жыл

**“Сузак районунун ардактуу атуулу”**
**наамына сунуштоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана айылдык кеңештин Регламентин негиздеп, татыктуу жарандарды сунуштаган айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын кеңешмесиндеги маалыматты угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Сузак районунун социалдык, билим берүү, коргоо тармагына, экономикалык өсүп өнүгүүгө зор салым кошкон жана үзүрлүү эмгектенген төмөнкү жаран “Сузак районунун Ардактуу атуулу” наамына сунушталсын:
   - Көкөнбай уулу Нурбек - Кызыл-Сеңгир айылынын тургуну, Жалал-Абад шаарындагы Заманбап эл аралык университетинин англис тили кафедрасынын башчысы, доцент.

2. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги сегизинчи сессиясы

ТОКТОМ №8-2

Мундуз айылы 13-февраль 2025-жыл

**“Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн**
**ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана айылдык кеңештин Регламентин, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин “Ардактуу атуулу наамын ыйгаруу жөнүндө” 2015-жылдын 4-февралындагы Жобосун негиздеп, татыктуу жарандарды сунуштаган айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын кеңешмесиндеги маалыматты угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, жаш өспүрүмдөргө татыктуу билим тарбия берүүдө жана руханий жактан өнүгүшүнө зор салым кошкон төмөнкү жарандарга “Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын:
    - Жороев Талантбек Турдуматович;
    - Осмонов Куванычбек Ахматкулович;
    - Муратова Ырыскан Калмаматовна;
    - Жолболдуев Шамил;
    - Мырзабаев Макаш Бедиярович.

2. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги сегизинчи сессиясы

ТОКТОМ №8-3

Мундуз айылы 13-февраль 2025-жыл

**Жашасын-2 айылындагы**
**ички көчөгө ысым ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамын негиздеп, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы №67 "Географиялык аталыштар жөнүндө" мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Жашасын-2 айылынын ички көчөсүнө Бердикулов Кадырдын ысымын ыйгаруу жөнүндөгү айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун негиздеп жана сунушун угуп, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Жашасын-2 айылынын ички көчөсүнө Бердикулов Кадырдын ысымы ыйгарылсын.

2. Мындан ары жогорудагы белгиленген көчө Бердикулов Кадыр атындагы көчө деп аталсын.

3. Көчөгө Кыргыз Республикасынын шаар жана айыл жергелеринин өнүгүү процесстеринин талабына ылайык символикасы белгиленсин.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги сегизинчи сессиясы

ТОКТОМ №8-4

Мундуз айылы 13-февраль 2025-жыл

**Ак-Баш айылындагы**
**ички көчөгө ысым ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы №67 “Географиялык аталыштар жөнүндө” мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Ак-Баш айылынын ички көчөсүнө Казыкулов Бакытбектин ысымын ыйгаруу жөнүндөгү айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун негиздеп жана сунушун угуп, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Баш айылынын ички көчөсүнө Казыкулов Бакытбектин ысымы ыйгарылсын.

2. Мындан ары жогорудагы белгиленген көчө Казыкулов Бакытбек атындагы көчө деп аталсын.

3. Көчөгө Кыргыз Республикасынын шаар жана айыл жергелеринин өнүгүү процесстеринин талабына ылайык символикасы белгиленсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги сегизинчи сессиясы

ТОКТОМ №8-5

Мундуз айылы 13-февраль 2025-жыл

**Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасындагы ички көчөгө ысым ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы №67 “Географиялык аталыштар жөнүндө” мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасындагы ички көчөсүнө Маматкулов Арапбайдын ысымын ыйгаруу жөнүндөгү айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун негиздеп жана сунушун угуп, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасындагы ички көчөсүнө Маматкулов Арапбайдын ысымы ыйгарылсын.

2. Мындан ары жогорудагы белгиленген көчө Маматкулов Арапбай атындагы көчө деп аталсын.

3. Көчөгө Кыргыз Республикасынын шаар жана айыл жергелеринин өнүгүү процесстеринин талабына ылайык символикасы белгиленсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги сегизинчи сессиясы

ТОКТОМ №8-6

Мундуз айылы 13-февраль 2025-жыл

**Кызыл-Туу айыл аймагынын 2025-2029-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-39-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 88-беренесине ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 10-январындагы № 01-28/10 сандуу кайрылуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколунун негизинде, Кызыл Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын 2025-2029-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Программада камтылган иш-чаралардын аткарылышын камсыз кылуу жагы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнун башчысы Д. Бокошовго тапшырылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

тиркеме

“БЕКИТЕМ”

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин
кеңешинин 8-сессиясы
Төрага ___________ А.Алимов
13-февраль 2025-жыл
Токтом №8-6

# Кызыл-Туу айыл аймагынын социалдык экономикалык өнүгүү программасы 2025-2029



| **1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ** | |
|---|---|
| | |
| Географиялык абал | Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Кызыл-Туу айыл аймагы район борборунан 18 км, облус борборунан 9 км, Бишкек шаарынан 550 км алыстыкта жайгашкан. Дениз денгээлинен 1200 метр бийиктикте. Кызыл-Туу айыл аймагынын борбордук айылы болуп Мундуз айылы эсептелет. Аймактын карамагына жалпысынан 20 айыл кирет. Алар: Ак-Баш, Кызыл-Сенир, Жашасын, Таштак, Бостон, Орто-Азия, Талаа-Булак, Акчалуу, Алмалуу, Шатрак, Соку-Таш, Ак-Терек, Каринген, Кызыл-Алма, Алчалуу, Ак-Булак, Кара-Кол, Жазы-Кечуу жана Жаны-Ачы айылдары. Кошуна төмөнкү айыл аймак, шаарлар жана райондор менен чектешкен. Алар; Түндүк тарабынан Базар-Коргон районун Могол айыл аймагы жана Сузак районун Кыз-Кол айыл аймагы менен чектешет. Ал эми түштүк тарабынан Сузак жана Ленин айыл аймактары менен чектешет. |
| Жалпы аянты (Га) | Айылдык аймактын жалпы аянты 43 000 км2 түзөт. |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Негизинен тоолуу аймак, айыл аймактын 15 айылы тоо зонасында жайгашкан. Алыскы айыл айыл аймактын борбордук айылы Мундуз айылынан 45 км алыстыкта жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 1200 метр бийиктикте жайгашкан. Жогорку зонада жайгашкан тоолуу айылдарды кыш оор түшөт. Кардын калыңдыгы 1,5-2 метрге чейин жетет. Кышында орточо температура -1тен -10 градуска чейин төмөндөйт. Жайы мээлүн, орточо температура +15тен +30 градуска чейин ысыйт.<br>Кызыл-Туу айыл аймагынын Кара-Көл айылы тоолу зона. Жай мезгилинде туристер үчүн эң сонун мумкүнчүлүк. Кара-Көл айылы Ачы өрөөнүнүн түндүк батышында, деңиз денгээлинен 1600 м бийикте жатат. Айылда жайгашкан көлдүн суу алдындагы аянты 0,5 га жерди ээлейт. Кара-Көлдүн аба-ырайы жайкысын мээлүүн, кышкысын кары калың жаайт. Жаңгак токойлуу аянты 150 га жер. Көлдүн айланасындагы пайдаланууга боло турган жалпы жер аянты 15 га. Көлдүн жанында ичүү жана тамак-аш даярдоого ылайык пайдаланууга таза, лабораториянын анализинен өткөн булак суу бар. Кара-Көл айылынан Базар-Коргон районунун Кара-Үңкүр дарыясынын аралыгы 3 (үч) км аралыкта. Ал жерге авто унаа менен же ат менен барып балык уулап, жуунуп саякаттап эс алып келсе болот. 4 км аралыкта Арсланбап өрөөнүнө барып эс алуу жайларына эс алып келүү мүмкүнчүлүгү бар. Кара-Көл айылы дары чөптөргө бай: чалкан, жалбыз, сарымсак, кийик от, зверобой, бозонач, жапайы ромашка, булдүркөн, бака жалбырак ж.б. мөмө берүүчү дарактар: жаңгак, алма, жапайы алма, алча, долоно, изирик, айван сары. Көлдүн айланасын байырлаган жаныбарлар: тулкү, карышкыр, кашкулак, коен, чөө, кирпи, ачкүсөн. |
| АА калкы (адам), аялдардын саны: анын ичинде | 31797 адам, 5367 кожолук. Анын ичинде: 15962 аял |

| | |
|---|---|
| (айылдарда): | |
| айыл.(АА борбору) | Айыл аймактын борбору Мундуз айылы |
| Мундуз | 4332 |
| Ак-Булак | 364 |
| Ак-Терек | 86 |
| Акчалуу | 38 |
| Каринген | 94 |
| Кара-Көл | 1103 |
| Кызыл-Сеңир | 3873 |
| Орто-Азия | 3661 |
| Соку-Таш | 461 |
| Ак-Баш | 3479 |
| Шатрак | 529 |
| Жаны-Ачы | 2741 |
| Кашка-Суу | 45 |
| Жашасын-2 | 1383 |
| Алчалуу | 106 |
| Кызыл-Алма | 73 |
| Талаа-Булак | 2502 |
| Таштак | 3964 |
| Бостон | 2939 |
| СЭӨПнын максаты | Кызыл-Туу айыл аймагы келечекте 5 жылдын ичинде айылдары таза суу менен толук камсыздалган, кайра иштетүүгө жана айыл чарба багытына багыталган,ар бир айылда бала бакча курулган, элдин маданияты, социалдык абалы жакшыртылган, айыл аймакта жашаган калктын бардык катмардын мүмкунчүлүктөрүн эске алуу менен жаштары интеллектуалдык жактан толук жетилген, ден-соолугу чың, жаш жеткинчектердин жол коопсуздугу сакталган айыл аймака айланат. |

**2-БӨЛҮМ. КАЛК**

**2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары**

| **Категория** | *Факт* | | | *күтүлг өн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| **Жыл башындагы туруктуу калктын саны** (адам) | 29882 | 30386 | 31011 | 31797 | 33250 | *34703* | *36165* |
| *Өсүш темпи %* | | 1,68 | 2,05 | 2,53 | 4,57 | 4,57 | 4,57 |
| анын ичинде аялдар | *15259* | *15412* | *15620* | *15962* | *16100* | *16200* | *16450* |
| **Жыл башындагы эмгекке жарамдуу** | 9520 | 9755 | 10025 | 10157 | 10250 | 10330 | 10470 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **курактагы туруктуу калктын саны,** (адам) | | | | | | | |
| *Өсүш темпи (%)* | *1,011* | 1,025 | 1,028 | 1,013 | 1,009 | 1,008 | 1,014 |
| анын ичинде аялдар | 4779 | 4897 | 5033 | 5099 | 5146 | 5186 | 5256 |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча **иштеген калктын саны** (адам): | | | | | | | |
| Айыл чарба | 3800 | 3900 | 4000 | 4010 | 4200 | 4400 | 4800 |
| Өнөр жай | 150 | 200 | 250 | 300 | 350 | 400 | 500 |
| *Иштетүүчү* | *50* | 60 | 65 | 70 | *75* | 80 | 90 |
| *Электр энергиясы* | *157* | 162 | *170* | *173* | *250* | 250 | 300 |
| *Курулуш* | 1225 | 1350 | 1480 | 1560 | 1600 | 1700 | 2000 |
| *Соода* | 351 | 355 | 366 | 381 | 400 | 500 | 700 |
| *Транспорт жана байланыш* | 125 | 125 | 133 | 146 | 150 | 150 | 170 |
| *Башка кызматтар* | 553 | 604 | 625 | 668 | 700 | 800 | 900 |
| *Калдыктарды кайра иштетүү* | - | - | - | - | - | - | - |
| **Жумушсуздардын саны** (адам): | 948 | 985 | 988 | 1028 | 1000 | 800 | 700 |
| *Өсүш темпи* | 1,04 | 1,00 | 1,04 | 0,97 | 0,80 | 0,88 | 1,04 |
| анын ичинде аялдар | 476 | 494 | 496 | 516 | 502 | 402 | 351 |
| **Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны** (адам) | 4102 | 3970 | *3950* | *3880* | *3800* | *3700* | 3500 |
| *Өсүш темпи* | *0,98* | 0,97 | 0,99 | 0,98 | 0,98 | 0,97 | 0,95 |
| **Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны** (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | 948 | 985 | 988 | 1028 | 1000 | 1000 | 1000 |
| *Өсүш темпи (%)* | 1,01 | 1,04 | 1,00 | 1,04 | 0,97 | 1,00 | 1,00 |

**2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо**

2024-жылы айыл аймактын **жалпы калкы 31797 адамды** түздү , анын ичинен 15935 **эркектер** , аялдардын саны 15962 **киши.** 2023-жылга салыштырмалуу 31 адамга көбөйгөн. Калктын өсүшүнүн болжолу жылына калктын өсүшүнүн **2,5 %** болжолу. 2029-жылга чейин калктын санын 4368 адамга чейин көбөйтүү пландалууда.

| **3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |
| **3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура** | | | | | | | |
| **Категория** | *Факт* | | | *күтүлг өн.* | *прогноз* | | |
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 30 | 50 | 70 | 70 | 80 | *90* | *95* |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 10 | 10 | 10 | 10 | 75 | *100* | *100* |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | 5 | 5 | 5 | 10 | 15 | *20* | *25* |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (%) | 30 | 50 | 50 | 50 | 60 | *65* | *75* |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 258 | 258 | 258 | 258 | 258 | *300* | *300* |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 230 | 300 | 480 | 520 | 520 | *600* | *600* |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 5 | 12 | 15 | 17,5 | 20 | *30* | *35* |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | *100* | *100* |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | 110 | 110 | 110 | 110 | 110 | *110* | *110* |
| Калктын турак жай менен камсыз болушу (бир тургунга жалпы аянттын кв. м) | 25м2 | *25м2* | *25м2* | *25м2* | *25м2* | *30м2* | *30м2* |
| *(башка көрсөткүчтөр)* | | | | | | | |

**3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө**

**Таза суу: Бугунку абалы:** Кызыл-Туу айыл аймакта 70% жергиликтуу коомчулук таза суу менен камсыз болгон. Копчулук айылдарда таза суу системасы эскилиги жеткен же мурдагы темир тутуктор менен камсыздалган. Таза суу менен камсыздоодо эл узгултуктуу суу ичет 24 саат бою таза суу менен камсыздоо оор маселе. 2 айылда (талаа-Булак жана Орто-Азия

айылдары) таза суу системасында эсептегичтер коюлган. Эсептегичтер аркылуу таза сууну уномдоого мумкунчулук болуп жатат. Учурда ичүүчү таза суу менен калкты камсыздоо 2 айылда СООППВ иш барат. Жергиликтуу эл булактардан топтоп, суу кампасы жасашкан жана ошол жерден суу алынат. Талаа-Булак айылында союз мезгилинде да таза суу проблемасы болгон. Ар бир кожолукта кудуктар курулган.

**Койгойлөр**: айыл аймактагы 1 гана айыл Кара-Көлдун жергиликтуу коомчулугу таза суу менен камсыз болгон эмес. Ичуучу сууга болгон жеткилуулук төмөнку денгээлде.

Талаа-Булак айылында таза суу системасы курулуп жатат,бирок суунун колому аз болгондуктан Талаа-Булак айылын толук кандуу камсыздоо оор маселе.

**Корутунду:** Кара-Кол айылында таза суу ситемасын куруу, кочолорго суу тутукторун куруу 2025-2026-жылдары жергиликтүү бюджетин таза суу түтүктөрүн сатып алуу пландаштырылууда. Ал эми системаны орнотуу жумуштары жергиликтүу коомчулуктун эсебинен бол мокчу. Ошондой эле **1.** Ак-Булак айылынан келген суу түтүктөрү темир болгондуктан эскилиги жеткен, жаңыдан полиэтилендик түтүкө алмаштыруу керек. Жыйынтыгында төмөндөгү айылдарга кеткен суу түтүктөрү : Ак-Булак, Алчалуу, Ак-Терек, Соку-Таш, Шатрак, Алмалуу-Булак, Акчалуу ичүүчү суу менен камсыз болушат. Талаа-Булак айылындагы телочный комплексинде жашаган тургундарды ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу. Бостон айылындагы негизги борбордук суу түтүктөрүн жаңылоо. Ак-Баш айылындагы Тилекеев көчөсүнө скважина куруу. Жаңы Ачы айылындагы көчөлөрүнө суу түтүктөрүн орнотуу. Кызыл-Сенир айылында ичүүчү таза суунун түтүкчөлөрүн жаңылоо. Жашасын-2 айылын толугу менен таза суу менен камсыз кылуу зарылдыктары бар.

Азыркы мезгилде Кызыл-Туу айыл өкмөтүндө калкты ичүүчү таза суу камсыздоону тейлей турган муниципалдык ишкана уюштурулду. Эми алдыда чон тапшырмалар турат. Алар ; тариф саясаттын иштеп чыгуу жана бекитүү, эски суу түтүктөрүн алмаштыруу, ар бир кожолукка суу эсептегичтерди орнотуп берүү жана ар бир абонент менен жеке келишимдерди түзүү.

**Мектепке чейинки билим берууну онуктуруу**

Бугунку абал: айыл аймагында жалпы 15 айыл боюнча 7 бала бакча бар. Айыл аймактын жалпы балдарынын 17,5% бала гана бала бакчага барат. Айыл аймакта 800 бала бала бакчага барууга мумкунчулук бар. Бала бакчага барбаган балдар ата-энелер менен уйдо, туугандардын уйундо болушат. Балдар уйдо болгондуктан ата-энелер жана аларды караган балдар жумшука чыга алышпайт, балдарды кароо менен убара болушат. Кийинки маселе балдардын билим менен камсыздоо, алардын интелектуалдык онугушу да томонку денгээлде болуп калат. Ошол себептен улам айылдаргы мектепке чейинки балдарды бала бакча менен камсыздоо зарыл. 4 айылда (400 орундуу) бала бакчаларды куруу керек.

**Койгойлор:** бала бакчаларды курууга жергиликтүү бюджеттен каржылоо мумкун эмес. Себеби бала бакчанын толук кандуу курулушу жана ишке тапшыруу чон сумманы талап кылат. Кийинки койгой: курулуп буткон бала бакчаларды мамлекеттик бюджетке кирген эмес,

**Корутунду:** Айыл аймактагы Ак-Баш айылындаы 150 орундуу, Бостон айылында 150 орундуу, Жаны-Ачы айылында 150 орундуу бала бакчаны ишке киргизуу. Даяр имаратты ишке киргизуу, Талаа-Булак айылындагы бала бакчаны мамлекеттик каржылоого киргизууго аракет жасоо. Канча пайызга кобойот.2025ж2026ж2027ж. Мындан сырткары Таштак, Орто-Сай участкасына, Жаңы-Орток участкасына,Көк-Булак участкасына бала-бакча куруу.Мундуз, Ак-Баш айылындагы бала- бакчаны бүтүрүү. Кызыл-Сенир айылында бала бакчаны кеңейтүү

Алмалуу- Булак айылындагы Матиев мектебинин эски имаратын: Кызыл-Туу айыл аймагындагы мектеп окуучулары үчүн жайкы эс алуучу лагерине айландыруу.

**Таштанды таштоо**

**Бугунку абалы:** таштанды таштоо бир гана айыл аймактагы Мундуз айылында гана уюштурулган. Мундуз айылындагы таштандыларды шаардык тазалык ишканасы менен келишим тузулуп,шаарга ташып тогулот.

**Койгойлор** : таштанды тогуу учун полигон жок. Таштанды ташуу учун унаа жок .

**Корутунду**: айыл окмот тарабынан таштанды ташуучу машиналарды алуу жана айылдарды кыдырып таштанды чыгаруу иштерин уюштуруу. 2024-жылдын аягында Жалал-абад областык өнүктүрүү фондуна долбоор жазылып, каржылануу алдында турат.

Кызыл- Туу айыл аймагына таштанды таштоо полигонун куруу жана ошондой эле таштандыны кайра иштетүүчү ишканасын куруу.
Кызыл- Туу айыл аймагынын борбордук көчөлөрүнө таштанды урналарын орнотуу зарыл.

**Ички жолдор.**

**Бугунку абал:** айыл аймагындагы ички жолдор асфальтталган эмес. Кызыл-Туу айыл окмоту туптолгондон бери айыл ичиндеги ички жолдор асфальттанган эмес. Жергиликтүү бюджеттин асфальттоо иштерин жургузгону мумкунчулугу жетпейт. Жергиилктүү бюджеттин негизги багыты таза суу системалын куруугa, 4 айылда

тротуарларды куруу иштери журуп жатат жергиликтуу жамааттын жана айыл окмоттун жардамы менен

**Койгойлор:** ички жолдорду асфальттоо,тротуарларды куруу. Айыл окмоттун бюджети аз болгондуктан ички жолдорду асфальттоо каралган эмес.

**Корутунду:** азыркы мезгилде элдин демилгеси менен айыл окмоттун салымы менен тротуарлар бутуп жатат. 2024-жылдын 4-кварталында айыл аймактын борбордук айылынын Турганбаев көчөсүн асфальттоо жагы пландаштырылууда

Кызыл-Туу айыл аймагынын борбору болгон Мундуз айылынын ички жолдорун асфальтоо жана борбордук көчөлөрүнүн тратуарларын жасоо менен кошо суу лотокторун орнотуу. Таштак айылынын борбордук көчөлөрүнүн тратуарларын жасоо менен кошо суу лотокторун орнотуу. Жаңы-Ачы айылынын борбордук көчөлөрүнүн тратуарларын жасоо менен кошо суу лотокторун орнотуу. Ак-Баш айылындагы Эрматов жатак мектебине кеткен жолдун тратуарларын жасоо менен кошо суу лотокторун орнотуу. Орто-Сай айылана барган жолду асфальтоо жана тратуарларын жасоо менен кошо суу лотокторун орнотуу. Кызыл-Туу айыл аймагына караган ремонт талап кылынган ички жолдоруна шагыл, шебен төгүп ондоо жана жылына ар айылдан бирден көчөнү асфальтоо. Благовещенка Кара-Көл жолунун Акчалуу, Алмалуу, Шатрак, Соку-Таш, Ак-Терек, Алчалуу, Кара-Көл жолдорун талаптарга келтирүү

**Билим беруу.**

**Бугунку абалы:** Айыл аймагында 12 мектеп ,1 спорт мектеп бар. Жалпы окуучулардын саны 7250. Торобаев мектеби окуучулар кобойуп кеткенине байланыштуу жаны мектеп курулуш бшталды. Кенжаев мектеби эски болгондуктан 2025 жылга жаны мектеп куруу долбоору откон. Абдраимов мектеби кап ремонтко откорулду.

**Койгойлор:** Торобаев мектебинде окуучулар кобойуп кеткен. Мектептин ичинде кабинеттердин жетишпегенинен улам, окуучулар 3 смен окушат. Бостон айылындагы Кээ бир мектептерде ашканалар жок. Торобаев,Омуралиев мектептеринде спорт зал жок.

1. **Корутунду:** Торомаматов,Омуралиев мектептеринде спорт зал куруу долбоору откорулду.

Кенжаев мектеби эски болгондуктан 2025 жылга жаны мектеп курууу долбоору откон. Абдраимов мектеби кап ремонтко откорулду. Мундуз айылындагы №94 Калимбетов Б атындагы мектепке заманбап типтүү мектебин салуу. Жаңы-Ачы  айылындагы З.Жамашев атындагы мектепке заманбап типтүү мектебин салуу. Орто-Сай айылына заманбап типтүү мектебин салуу. Көк-Булак учаскасындагы Матиев атындагы мектебине кошумча имарат салуу. Таштак айылындагы О.Муратов атындагы мектебине кошумча имарат салуу. Ак-Баш айылындагы Эрматов жатак мектебин капиталдык ремонт жасоо.Кызыл-Сенир айылындагы №31 Ы.Чанаков атындагы орто мектепке заманбап типтүү мектеп куруу

**Маданият.**

**Бугунку абал:** Айыл окмотто Кызыл-Сенир айылында маданият уйу бар.Ал жерде 3 адам иштейт .Айыл аймакта 4 китепкана бар.

**Койгойлор:** маданият уйундо эс алуу борбору жок, китепканаларда окуучулар китеп окуу учун зал жок,отопление жок. Маданият кызматкерлиеринин оздорунун жумушуна кайдыгер карашы да чон койгой. Себеби маданият уйундо жылына бир жолу да маданий иш чаралар откорулбойт. Маданият уйунун чон залы бир гана элдик жыйындарда, жолугушууларда да колдонулат, башка учурда бош эле турат. Маданият уйу 2023-2024-жылдары капиталдык ремонттон откорулуп, элдер учун жакшы шарттар тузулду. Керектуу музыкалык аспаптар менен камсыз болушкан. Маданий иш чаралады кыш мезгилинен башка убактарды откорууго болот.

**Корутунду:** Маданият уйуно эс алуу борборун куруу,бий жана ырдоо ийримдерин ачуу.Китепканаларда окуу залдарын куруу,электрондук ктиепканаларды уюштуруу**,** маданиять жаатында иштеген кызматкерлерди да стиумлдаштыруу, башка айыл окмоттун же райондун маданият уйлоруно тажрыйба алмашууга жонотуу жана ошол тажрыйба алмашуудан алынган тажрыйбаларды айылдык маданият уйундо колдонуу. Мундуз айылындагы №94 Калимбетов Б атындагы орто мектебинин балансындагы спорттук маданий комплексин куруу. Кызыл-Туу а/а айылдарынын борборлоруна скверлерди курууну сунутоо.            (Мисалы: Жаңы-Ачы айылында сквер куруу үчүн жери даяр экен.)

**Спорт.**

**Бугунку абал:** Кызыл-Сенир айылында Икрам Ажы атындагы спорт мектеби бар,анда 258 оспурум балдар тарбияланууда.Бул мектепте кыздар 30,балдар 228,волейболдон 4 тренер 8 группа 90 окуучу .Грек Рим курошу боюнча 7 группа 36 окуучу .Эркин курош боюнча 2 тренер ,60 окуучу , боюнча 2 тренер иш алып барууда.

**Койгойлор:** айыл аймакта 10 айылда спорт зал жок.

1. **Корутунду :** Кызыл-Туу айыл аймагындагы калган айылдарга да спорт залдарын куруу,курош секцияларын уюштуруу.Жаштар арасында спортко кызыктыруу,тушундуруу иштерин жургузуу. Соку-Таш айылындагы №14 К.Абдираимов атындагы мектебине спорт зал куруу. Мундуз, Талаа-Булак жана Жаңы-Ачы айылына кичи фудбол аянтчасын куруу. Таштак айылындагы О.Муратов орто мектебине, Жашасын-2 айылындагы И.Стамкулов атындагы орто мектепке Бостон айылындагы Х.Кенжаев орто мектебине спорт зал куруу, Кызыл-Сенир айылындагы спорт мектептин өспүрүм балдарга колдоо көрсөтүү

**Кочолорду жарыктандыруу.**

**Бугунку абал:** Кызыл-Туу айыл аймагында 20 айыл бар.Анын ичинен 9 айылдын кочолору

жарыктандыруу менен камсыз болгон.

**Койгойлор:** Калган 11 айылдын кочолорундо жарыктандыруу жок. Айыл тургундарындын кечинде журуусу кооптуу болгон жерлер да бар. Кыз мезгилинде окуучу балдардын мектептен кайткан убактысында кечки мезгилде кооптуулук жаратат. Кочодо жарыктын жок болуусу

**Корутунду:** Айыл аймагындагы бардык айылдарды тункусун жарык менен толук камсыздоо учун мамлекет тарабынан  50%  комок корсотуу  ,айыл жашоочулары ошондой эле ишкерлер менен калган 50% ишке ашыруу менен 2027 жылга толук жарыктандырууга жетишуу.

Кызыл-Туу а/а борбору болуп саналган Мундуз айылында негизги деген көчөлөрү жарыктандырылган эмес, Жалал-Абад шаарынан бери көздөй келе жатканда Бекмуратов Ороз жана Досуев Самат көчөлөрү, Кызыл-Туу а/а айылдарга жана Сузак, Кыз-Көл айыл аймактарына кеткен жол  Бекмуратов Ороз  жана Досуев Самат көчөлөрү болуп саналат. Андыктан аталган көчөлөргө сөссүз түрдө жарыктандырууну орнотуу керек. Заманбап үнөмдүү чырактарын колдонуу менен бирге ошондой эле күндүн нуру менен иштеген жарыктандырууну колдонсо болот. Кызыл-Туу а/а айылдардын негизги борбордук көчөлөрүн заманбап үлгүдөгү үнөмдүү чырактарды, ошондой эле күндүн нуру менен иштеген жарыктандырууну орнотуу керек.

Мындан сырткары айыл өкмөттүн келечектеги планына

**1.** Кызыл-Туу а/а караган айылдарга жаратылыш газын тартып келүү.

**2.** Кызыл-Туу а/а мал чарба багыты боюнча тери иштетүүчү жана сүт азыктарын өндүрүү үчүн аталган багыттагы заводун куруу.

**3.** Кызыл-Туу а/а караган Көк-Арт дарысынын жээктерин бекемдөө иштерин ӨКМ менен биргеликте иш алып баруу.

**4.** Кызыл-Туу а/а айылдарына интернет кабелдерин тартып, ар бир үйгө киргизип берүү.

**5.** Мундуз айылындагы №11 ҮДТ (ГСВ) үй-бүлөөлүк дарыгерлер тобунун карамагына Лаборатория, УЗИ, Физкабинет үчүн кошумча имарат куруу керек.

Тез жардам бөлүмүнүн чатырын алмаштыруу керек.

**6.** Кызыл-Туу а/а жеке турак жай куруу үчүн чек маселеси оор болуп жатат, ошондуктан курулуш компаниялар менен суйлошуп бийик кабаттуу үйлөрдү курууну сунуштоо.

**7.** Кызыл-Туу а/а айылдарынын негизги жолдордун жээктерине көрктөндүрүү максатында павлония дарактарын олтургузуу.

**8.** Кызыл-Туу а/а көчкү түшкөн айылдарга жашылдандырууну колго алуу максатында мисалы мөмөлүү дарак жаңгак,бадам сыяктуу көчөттөрдү отургузуу.

**9.** Кызыл-Туу а/а айыл чарба тармагын өнүктүрүүдө дыйкан, фермерлердин райондук,областык, республикалык деңгээлиндеги ярмаркаларына катышуусуна көмөк көрсөтүү.

**10.** Кызыл-Туу а/а имаратында мамлекеттик агромагазин болуусу зарыл.

**11.** Кызыл-Туу а/а жакын жерге Жалал-Абад шаарынын борбордук базары курулууда, андыктан заманбап логистикалык мөмө жемиш сактоочу кампа курууну сунуштоо.

| | |
|---|---|
| **12.** | Кызыл-Туу а/а негизги деген жолдоруна заманбап үлгүдөгү аялдамаларды куруу. |
| **13.** | Ак-Баш, Таштак айылдарынын борбордук көчөлөрүнө жол чырактарын орнотуу жана Кызыл-Туу а/а мектепке кесип өтчүү жолдоруна коопсуздук үчүн жол белгилерин ошондой эле жол чырактарын орнотуу. |
| **14.** | Кызыл-Туу а/а Орто-Сай участкасынын жогору жагына муниципалдык мал базарын куруп ишке берүү. |
| **15.** | Ачы совхозунун 68 сотыктан турган эски имаратына жүндү кайра иштетүү үчүн фабрикасын куруу. |
| **16.** | Көк-Булак айылындагы мурда силос көмүлчү 4 яма турган жерге көп тармактуу ишкана логистикалык борбор ачса болот (мисалы: нан азыктарын, этти консервациялоо, жашылчаларды мариновкалоо,томаттарды чыгаруу, автосервис, курулуш материалдарын чыгаруучу цехин, чакан цехтеди тигүүчү, темир ширетүүчү,кузнец ж.б.ушул сыяктуу). |
| **17.** | Кызыл-Туу а/а АТС куруу. |
| **18.** | Кызыл-Туу а/а Ачы өрөнунүн жолдору татаал болгондуктан кыш оор болот каар калың жайт андыктан тегиздөө, сүрүү үчүн атайын грейдер техника алуу керек. |
| **19.** | Кызыл-Туу а/а Көк-Арт дарыясынын жээгинде 1.5 га жана 5.0 га жерлерге таш майдалоочу заводун куруу. |
| **20.** | Кызыл-Туу а/а эскилиги жеткен мамычаларды жана электр зымдарын Сузак РЭТ ишканасы менен биргеликте алмаштырууну сунуштоо. |
| **21.** | Кызыл-Туу а/а өрт коопсуздугу үчүн атайын өрт өчүрүүчү техникасын уюштуруу. |
| **22.** | Ветеринардык зарылчылык ылайык беккари ямасын жана мал ооруларын алдын алуу, профилактика жүргүзүү максатында малдар үчүн жуунучу ямасын куруу зарыл. |

**Маселелери кирет**

| **3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ жүргүзүү** | | |
|---|---|---|
| **Артыкчылык** | **Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** |
| Мундуз айылына 150 орундуу бала бакчаны ишке киргизуу | Мундуз айылы айыл аймактагы эн жыш жайланышкан, калктын саны коп айыл. айылды ГСВ, мектеп жана бала бакча жайланышкан. Бала бакча 2017-жылы мундуз айлынын тургунун уйундо | 150 орундуу, айыл элинин балдары тарбияланууучу бала бакча ишке киргизилет. Татыктуу тарбия, заманбап шарттарда тарбияланышат. |

| | | |
|---|---|---|
| | уюштурулган. бугунку кундо 80 бала тарбияланат. Бул тургундау уйуно айыл окмоттун бюджетинен ай сайын 10 000 сомдон толонот. 2022-жылдан бери атайан жергиликтуу бюджеттен муниципалдык бала бакча ачууну коздоп, акча каражаты болунуп бакчанын курулуш иштери журуп жатат. бугунку кундо бала бакчанын имратанынын чатыры жабылып, шыбак иштери, айнек эшиктери коюлуп, от жагуучу канаасы да толук буткорулгон. 2024-жы Жалал-Абад областык онуктуруу фондуна долбоор жазылып, 2025-жылга бутуруу маарасында турат. | |
| Ак-баш айылындагы “Бахрейн-2” социалдык шаарчасында бала бакча имаратын ишке беруу | Ак-Баш айылында балдар тарбиялануучу бала бакча болгон эмес. Былтыры 2023-жылы Арап демоорчулорунун жардамы менен айыл аймактын майып тургундарына 30 үй салынып берилди. конушта 1 ФАП, 1 мечит жана бала бакчанын имараттары салынган. Ошол бала бакчага деп салынга бала бакчанын имаратынттын шарттарын жакшыртып, бала бакчага деп ишке беруу зарылчылыгы бар. | 50 орундуу бала бакча менен камсыздоо аркылуу, Бахрейн шаарчасынын жана Ак Баш айылынын балдарын заманбап шарттарында тарбиялоо |

| | | |
|---|---|---|
| Х. Кенжаев орто мектебин куруу | Х. Кенжаев орто мектеби Бостон айылында жайгашкан. Бостон айылынын негизги калкы озбек улутундагы жарандар. 1985-жылы курулган, 220 окуучуга ынгайлаштырылган. Бирок калктын жыш жайгашкандыгына байланыштуу жана мектеп жашындагы балдардын коптугунө байланыштуу азыркы тапта 610 окуучу окуйт. окуучулардын коптугунон улам мектеп 3 кезметте иш алып барат. өз мезгилинде мектеп талапка жооп бербейт. ашар ыкмасы менен курулган. Бул айылдын окуучулары заманбап, типтеги жана көп орундуу мектепке муктаж. | Айылга жетиштуу орундуу, типтүү жана заманбап шарттары менен мектеп куруу аркылуу балдарга татыктуу билим берилет. |
| Э. Төрөбаев орто мектебин куруу | Ак-Баш айылындагы орто мектебинин имараты 1936 жылы туптөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында топтоо пункуту катары иштетилип келген. Ошол эле имараттын жанына 2006-жылы азыркы пайдаланып имарат курулган, 240 орундуу. Бугунку кундо бул мектепти 600 ашык окуучу окушат. 2 кезметте. класс кабинеттер жетишпейт. Ак-Баш айылына 1998-жылы Ачы өрөөнундө болуп өткөн | Айылга жетиштуу орундуу, типтүү жана заманбап шарттары менен мектеп куруу аркылуу балдарга татыктуу билим берилет. |

| | | |
|---|---|---|
| | жаратылыш кырсыгынан көчкүдөн улам элдер көчүрүлүп келип, калк көбөйгөн. Жаңы көп орундуу мектеп куруу зарылдыгы келип чыгууда | |
| Талаа-булак айылынын Кок-Булак участкасынын жаны конуштарынын жол инфраструктурасын жакшыртуу, жарыктандыруу | Талаа-Булак айылынын Кок-булак участкасы жакынкы 5 жыл аралыгында пайда болгон конуш. Бул конуштун негизги жашоочулары Ачы өрөөнүнө жер көчкүдөн көчүрулүп келген жашоочулар. Кок-Булак участкасына көчүрүлүп келгенден кийин А. Матиев орто мектеби атайын республакасылык бюджеттен курулуп ишке тапшырылды. конуш кенейип, жашоочулардын жашоо шарттарын оңдоо максчатында жолдоруна шагыл төшөп, кочолоруно жарыктандыруу орнотуу зарыл. | Окуучулардын мектепке баруу мумкунчулуктөрү, жалпы элдин карым катнаш жасоо мумкунчулуктору кенейет. Жол коопсуздугу чечилет. Кечинде журуу кооптулугу азаят. Тун ичинде үйгө кирген ууру кескилердин саны азаят. |
| Бостон айылына 75 орундуу бала бакчаны ишке киргизуу | Бостон айылында жашы жете элек балдардын саны арбын. Ошол себептуу Бостон айылында 75 же 80 орундуу бала бакчаны ачуу зарылдыгы бар | Бостон айылында бала бакча ачуу менен жаш жеткинчектердин келечегине болгон жолу салуу, уйдогу эненин убактысын да туура колдонтуу аракети болот. Ата-эне баласын бала бакчага беруу менен , уй булонун экономикалык маселелесин чечууго толук мумкунчулук алат, убакыт кенен болот. |

| | |
|---|---|
| **3.4. Социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга** | |

| **керектөөлөргө анализ жүргүзүү** | | | |
|---|---|---|---|
| **Инвестициялык артыкчылыктар** | **Мүмкүн болгон долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** | **Бааланган наркы** (миң сом) |
| Кара-Кол айылынын таза суу системасын жаныдан куруу | Кара-Кол айылы айыл аймактын эң алыскы жайгашкан айылы, элдин саны 1103 адам. бул кунгө чейин Кара-Кол айлынын эли таза ичимдик сууну ар кайсыл булактардан ташып ичип келишкен. таза суу системасы союз мезгилинде да болгон эмес. | 2026-жылы Кара-Кол айылынын басымдуу бөлүгү таза сууга болгон мумкунчулукторy кенейет. Айылдагы 3-4 булакты топтоп, суу топтоочу жай курулат, ошол жайдан айылга таза суу тутктор менен жеткирилет. | 7000,0 |
| К. Торомаматов атындагы орто мектебине спорттук зал куруу | Талаа-Булак айылындагы К. Торомаматов атныдагы орто мектебине спорттук зал куруу заман талабы. Айылдын жаштары жана мектеп окуучуларына спорттук зал жок. Балдар айылдын бош жаткан талааларында топ ойношот. ал дагы тушум жыйналып буткондон кийин гана. ойноочу стадион да жок. | 24*12 размериндеги спорттук зал салынат. Балдар оздорунун дене тарбия сабактарын кызыгуу жана машыгуу менен откорулот. | 24200,0 |
| Кара-Кол айылындагы Омуралиев мектебине жана айылдын жаштарына спорттук зал куруу | Кара-Кол айылында 1 толук эмес мектеп, 1 ФАП бар. Бул айылдын жаштары учун бош убактысын откоруу чун шарттар тузулуп берилген эмес. Ошол себептен улам Кара-Кол айылындагы Омуралиев мектебинин жанына мектепке тиешелуу жана ошол эле убакта айылдын жаштары учун | 32*12 размердеги спорттук зал куруу аркылуу жаштарды таза жана сергек жашоого ундоо. Ден соолукту чындоого жана бош убактыларын жемиштуу откорууго багытталат. | 45000,0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | спорттук зал куруу заман талабы | | |
| Кызыл-Сенир айылында “Багыш” эс алуу комплексин куруу | Кызыл-Сенир айылы айыл аймактын чон айылдарынын бири. Бул айылда башка айылдардан озгочолугу 1 мадият уйу жана балдар жана оспурумдор учун спорттук мектеп бар. Айылдын бош турган муниципалдык жерге жергиликтуу коомчулуктун маданияттуу эс алуусу учун мончо жана жашыл зона парк менен уюштурулат. Бара бара парк куруу менен жаш балдар учун ойноочу жай курулат. | Эл маданиятуу эс алууга болгон умтулуусу кучойт. Уй тиричилигинен тажаган аялдар келип эс алып кеттуго шарт жаралат. | 32000,0 |
| БАРДЫГЫ | | | |

**4-БӨЛҮМ. ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ**

**4.1. (таблица) Экономикалык өнүгүү** (миң сом)

| **Категория** | *факт* | | | *күтүлг өн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| Негизги фонддор (юридикалык жактар боюнча, үй чарба секторун эсепке албаганда)- (жылдын аягына карата толук наркы боюнча) | 255,0 | 301,0 | 310,0 | 340,0 | 350,0 | 370,0 | 400,0 |
| Экономиканын негизги секторлору боюнча товарларды өндүрүү жана кызмат көрсөтүү көлөмү: | 150,0 | 155,0 | 160,0 | 190,0 | 250,0 | 275,0 | 300,0 |
| Айыл чарба | 10506,8 | 10600,1 | 10705,5 | 10810,7 | 10920,2 | 11020,1 | 11150,5 |
| Өсүмдүк өстүрүү | 6183,1 | 6406,1 | 6650,3 | 6905,4 | 7250,3 | 7580,5 | 7820,2 |
| Мал чарбачылыгы | 4323,7 | 4194 | 4055,2 | 3905,3 | 3669,9 | 3439,6 | 3330,3 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Юридикалык жактардын өнөр жай продукциясынын көлөмү | - | - | - | - | - | - | - |
| Өнөр жай кызматтары | - | - | - | - | - | - | - |
| Жөнөтүлгөн продукциянын көлөмү | - | - | - | - | - | - | - |
| Курулуш - негизги капиталга колдонулган инвестициялар - ар кандай объектилер боюнча жалпы суммада | - | - | - | - | - | - | - |
| Экономикалык иштин түрлөрү боюнча көрсөтүлгөн рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү | - | - | - | - | - | - | - |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | - | - | - | - | - | - | - |
| Мейманканалардын жана ресторандардын иши | - | - | - | - | - | - | - |
| Транспорттук иш-чаралар жана жүктөрдү сактоо | - | - | - | - | - | - | - |
| Маалымат жана байланыш | - | - | - | - | - | - | - |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | - | - | - | - | - | - | - |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | - | - | - | - | - | - | - |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердүүлүк | - | - | - | - | - | - | - |
| Административдик жана көмөкчү иш-чаралар | - | - | - | - | - | - | - |
| Билим берүү | - | - | - | - | - | - | - |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар | - | - | - | - | - | - | - |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | - | - | - | - | - | - | - |
| Башка тейлөө кызмат көрсөтүүлөрү | - | - | - | - | - | - | - |
| Түз инвестициялар | - | - | - | - | - | - | - |
| Айыл чарба | - | - | - | - | - | - | - |
| Өнөр жай | - | - | - | - | - | - | - |
| Курулуш | - | - | - | - | - | - | - |
| Соода | - | - | - | - | - | - | - |
| Транспорт жана | - | - | - | - | - | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| байланыш | | | | | | | |
| Башка кызматтар | - | - | - | - | - | - | - |
| Калдыктарды кайра иштетүү | - | - | - | - | - | - | - |
| Калктын кирешеси: | | | | | | | |
| Орточо номиналдык эмгек акы | 16880 | 19180 | 30513 | 30616 | 35000 | 40000 | 50000 |
| Эмгек мигранттарынын которуулары | 150000 | 155000 | 165000 | 170000 | 200000 | 200000 | 200000 |
| Пенсиялардын орточо өлчөмү | 6210 | 7100 | 8002 | 8800 | 9000 | 9500 | 11000 |
| Жөлөкпулдардын орточо өлчөмү | 900 | 900 | 1200 | 1200 | 1200 | 1500 | 1500 |
| Чакан жана орто бизнестен түшкөн кирешенин орточо өлчөмү | 50000 | 55000 | 55000 | 55000 | 60000 | 70000 | 80000 |
| | | | | | | | |

**4.2. Учурдагы кырдаалды жана экономикалык адистешүүнү талдоо**

*Бул жерде суроолорго кыска жооптор берилет:*

– *Бул аймакта экономикалык өнүгүүгө кандай көйгөйлөр таасир этет? Жооптордун варианттары:*

- *продукцияны сата туруучу жер жана кардарлар жок (сатуу рыногунун жоктугу же алыстыгы)* ☐
- *өндүрүү үчүн өздүк чийки зат жок, жеткирүү анын баасын кымбат кылат* ☐
- *квалификациялуу жумушчу күчү жок, иштей турган эч ким жок (-эмгекке жарамдуу калктын саны жетишсиз)* ☐
- *жергиликтүү ишкерлер жаңы ишканаларды, бизнести ачууга жолтоо болууда, каршылык көрсөтүүдө* ☐
- *жагымсыз инвестициялык климат (мисалы, калктын ири инвесторлорго карата начар мамилеси, калктын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү)* ☐
- *башка (көрсөтүлсүн):* ***Айыл аймакта инвестиция менен иштоого жакшы мамиле, бирок жерлердин тартыштыгы оорчулук жаратат. Тегиз жерлер дамба корнунучунан улам иштетилбей жатат.***

– *Кайсы тармактар тез өнүгүп жатат, кайсынысы жайыраак жана эмне үчүн? (сүрөттөө)* ***Кызыл-Туу айыл аймагы тоолуу зона богондуктан, мал чарбачылыгы тез онугуп жатат.***

– *Бул аймакта экономиканын кайсы тармактары өзгөчө жакшы өнүгө алмак (экономикалык адистештирүү)?*

- *айыл чарба* ☐
- *иштеп чыгуу өнөр жайы* ☐
- *тоо-кен* ☐
- *электр энергетикасы* ☐
- *соода* ☐
- *транспорт жана байланыш* ☐
- *туризм* ☐
- *кызматтар (кайсылар- көрсөтүңүз)* ☐
- *кол өнөрчүлүк* ☐
- *башка (көрсөтүлсүн):*

*Айыл чарбасы өнүгүп жатат, келечекте туризм өнүгүү потенциалы бар*

– *Мындай тармактарды өнүктүрүү үчүн кандай жергиликтүү шарттар жагымдуу?*
*Жооптордун варианттары:*

- *туристтик продуктылар* ☐
- *чийки зат* ☐
- *калктын көндүмдөрү, кол өнөрчүлүк салттары (мисалы, булгаарыдан же жүндөн атайын жасалгалоо)* ☐
**Жайыттарды пайдалануу мезгили.** Жайыттар жана айыл чарба жерлери, жайыттардан тышкары, мал жайуунун жана аларды күркөлөрдө кармоонун мөөнөттөрү боюнча төмөнкүдөй мезгилдерге бөлүнөт:

*5-таблица. Жайыттарды пайдалануу сезону*

| № | Мезгилдер | Жайлоо/ багуу мезгили | Күндөрдүн саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаздоо | Март, апрель | 75 | Жаздан кышка чейин мал жайыттарга жана жайыттардан башка айыл чарба жерлерине багылат. Жайыттын жалпы узактыгы, |
| 2 | Жайлоо | Май, июнь, июль, август | 120 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Күздөө | Сентябрь, октябрь, ноябрь | 75 | Жаздоо,жайлоо, Күздоо убагы 270 күндү түзөт. |
| 4 | Кыштоо | Декабрь январь,февраль | 90 | Малдар кыш мезгилинде 90 күн колдо багылат. |

Мал жаюу мезгили жыл сайын климатка жараша болот. Жаз эрте келсе, жаздоо жайытынын күнгөй тарабы 15-марттан, ал эми тескей тарабындагы жайыттарды 10-апрелден баштап пайдалана башташат. Ал эми, жаз кеч келген жылдары, жайытка 10-15 күн кеч чыгышат.

Жайлоо жайытына май айынын аягынан июнь айынын башына чейин көчүп башташат. Жайлоодон август айынын аягынан, сентябрдын ортосуна чейин көчүп келишет.

Күздөө жайытын, биринчи кар жааганга чейин пайдаланышат.

**Жаздоо-күздөө жайыт участокторунун өзгөчөлүктөрү.** Жаздоо-күздөө жайыт участокторунун жалпы аянты 14 583 гектарды түзөт. Анын ичинен пайдалануудагы жайыт аянты 12853 га. Жайыт пайдалануучулар жайыттарды жаз жана күз мезгилинде пайдаланышат. Бул жайыттарга күнгөй тарабында март айынын ортосунан, ал эми тескей тарабында апрель айынын башынан жайып башташат. Жаздоо-күздөө жайыттарынан май айынын башынан баштап жайлоого көчө башташат. Себеби, күнгөй беттеги жайыттарга мал эрте чыккандыктан, жайытта желчү тоют калбай калат. Ал эми, тескей жайыттардан май айынын аягында, күн ысып баштаганда жайлоого айдашат.

Жайыттарда негизги тоют өсүмдүктөрүнөн шыбак, арпакан, сары кашка беде, кара чөптөр жана булактардын айланасында уй беде, ак беде, бака жалбырак өсөт. Малдар жайлоого кеткенден кийин, жайыттагы чөптөр кайра калыбына келип, малдар жайлоодон түшкөндөн кийин, күздөө жайыт катарында пайдаланылат. Ошону менен бирге, малдар жайлоодон түшкөн убакта эгин талаалар бошоп, көпчүлүк мал, аңыздарга жайылат.

Малчылар, башка аймактардан алып келген малдарды 1чи кар жааганга чейин күздөө жайытында багышып, анан таратып беришет. Ошондуктан, жаз-күз мезгилдеринде жайыттарда нормадан көп басым болуп, жайыттар деградацияга учуроодо.

Талаа-Булак, Акчалуу, Шатрак, Сок-Таш, Ак-Терек, Акбулак, Кызыл-Алма, Кара-Көл, Кара-Инген, Кашка-Суу айылдарынын тургундары Үч кызыл, Кара-Булак жана Жаз кечүү участогун апрелдин башынан баштап жайып, майдын аягына чейин пайдаланышат. Андан кийин, Үч кызыл жайыттарына (Ачы, Ташбака, Кочкор-Ата, Талаа-Булак, Осунбек Булак, Кедей Таппас, Кой Таш, Чыны Булак, Уч Кызыл, Чоон Кыштоо , Муратбек Булак, Туура Булак, Казган Булак, Ысмаил Кыя) чыгышат. Ал жайыттарда май айынан, сентябрь айына чейин жайлашат.

Жайыт пайдалануучулар токой чарбасынын жайыттарын пайдаланууда, токой чарбанын адистери менен ар бир жайыт пайдалануучу өз алдынча келишим түзүшөт.

**Жайлоо жайыт участокторунун өзгөчөлүктөрү.** Үч Кызыл, Кара-Булак жана Жаз Кечүү жайыттардын жалпы аянты 14 582 га. Анын 25% таштак, көчкү жана 4,3% жогору тик кырлуу аска-зоо болгондуктан, пайдаланууга жараксыз. Деңиз денгээлинен 1300 метр бийиктикте жайгашкан. Жайыт, айыл өкмөтүнөн 20-90 км алыстыкта жайгашкан. Жайыт пайдалануучулар жана мал жандыктар булак сууларынан пайдаланышат. Үч Кызыл, Кара-Булак жана Жаз Кечүү жакынкы жайыт катары, жайыт пайдалануучулар жай мезгилинде июнь айынын башынан, сентябрдын ортосуна чейин 270 күн пайдаланышат.

**Эчкилүү, Кара Таш, Көк-Арт, Калдама жайытынын** жалпы аянты 8603 га. Анын ичинен 1049 га жер аянты, башкача айтканда, 12,2% жар, көчкү коркунучу бар, бадалдуу, таштак жана $45^0$тан жогору тик каптал жерлер болгондуктан, пайдаланууга жараксыз. Деңиз денгээлинен 2400-2800 метр бийиктикте жайгашкан. Айыл өкмөтүнөн

90 км. алыстыкта жайгашкан. Бул жайыттарда малдар 120 күн багылат. Бул жайыттардын өзгөчөлүгү, жай мезгилинде айылдан алыскы жайыт катары пайдаланышат. Улам күн ысыган сайын жогору жылып отурушат.

Өткөн жылдагы Кызыл-Туу АА тарабынан алынган маалыматтарга ылайык, айыл аймагындагы малдын жалпы саны 27392, анын ичинен 7027 бодо мал, жыл бою бордоп семиртүү багытында колдо 500 ШМБ багылат, жайыттарга 26892 мал чыгат.

**Мал жаюу аянттарынын өзгөчөлүктөрү:**

1. Эчкилүү жана Кара Таш - Жайлоо
2. Уч Кызыл – Жаздоо, Жайлоо, Күздөө
3. Кара-Булак – Жаздоо,Жайлоо, Күздөө
4. Көк Арт - Жайлоо
5. Калдама – Жайлоо
6. Жазыкечүү – Жаздоо, Жайлоо, Күздөө

Жайыт участоктун жалпы аянты 23186 гектарды түзөт. Анын ичинен пайдаланyудагы жайыт аянты 18996 га. Жайыт пайдалануучулар жайыттарды жаз, жай,күз мезгилинде пайдаланышат. Бул жайыттарда мал жаюу сентябрдын аягына чейин уланат. (сентябрь айынын аягында жайыт чөптөрү куурап калат.) Кара-Көл, Көгарт, Кочкор Ата, Ташбака күңгөй жана башка булак суулардан жайлоосунда мал сугаруучу булактар бар.

| № | Жайлоолор | Участкалар |
|---|---|---|
| 1 | Эчкилүү жана Кара-Таш жайлоосу | Ак Эшек, Кызыл-Суу |
| 2 | Уч-Кызыл жайлоосу | Ачы, Ташбака, Кочкор-Ата, Талаа-Булак, Осунбек булак, Кедей Таппас, Кой Таш, Чыны Булак, Уч Кызыл, Чоон Кыштоо , Муратбек Булак, Туура Булак, Казган Булак, Ысмаил Кыя |
| 3 | Кара-Булак жайлоосу | Ышкырты, Ак Терек, Каракул Колот, Курбу, Уч-Чат, Ак-Чечек, Ак Таш, Ак Терек-2, Ак Терек-3, Кызыл-Көл, Былкылдак, Арзыбай, Баткак булак, Кызыл-Алма, Кара Инген |
| 4 | Көк-Арт жайлоосу | Кашка-Суу, Катынаакчечек, Саймалуу-Таш, Төө тыныч, Саз, Калдама |
| 5 | Калдама жайлоо | Калдама |
| 6 | Жазыкечүү жайлоосу | Кашка-Суу, Жылдыз Көл |

**Жайыттардын түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу жана алардын абалы.** Ар бир сезон боюнча жайыт участокторунун бүгүнкү күндөгү пайдалануу абалына мониторинг жасап, жайыт участоктору канчалык деңгээлде ашыкча басым менен пайдаланып жаткандыгын аныктап алсак, жайыттарды эффективдүү пайдалануу жана башкаруу боюнча картинаны ачыктап алган болот элек. Ошондуктан, ар бир жайыт участогу боюнча сыйымдуулугун аныктап, бүгүнкү күндөгү жайылып жаткан малдардын саны, жайыт адисинин маалыматынын негизинде жазылды.

*6-таблица. Жаздоо, күздөө жайыт участоктору боюнча сыйымдуулугу*

| Жайыт участогу | Аянты, га | Түшүмдүү лүк (кг/га) | Жалпы түшүмдүүлү к (кг) | Жээлчү коэф. 60% | 1 ШБ күндүк керектөө, 7,5кг | 70 күнгө оптималд уу ШБ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Уч-Кызыл | 6523,61 | 367 | 2394165 | 1436499 | 191533 | 2736 |
| Кара-Булак | 7696,58 | 367 | 2824645 | 1694787 | 225972 | 3228 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жазыкечүү | 362,45 | 760 | 275462 | 165277 | 22037 | 315 |
| **Баары** | **14582,64** | | **5494272** | **3296563** | **439542** | **6279** |

Жаздоо, күздөө жайыт участокторунда жаз мезгилине караганда түшүмдүүлүктүн жогору экендигин эске алып, күзүндө мал жаюу мезгили 70 күн деп эсептесек, анда 6279 шартуу малдын жаюуга болот.

Күз мезгилинде айыл чарба жерлерине эгилген эгиндер чаап-жыйналгандан кийин, эгин талаалар да жайыт катары пайдаланылып келет.

Жайлоо жайыт участоктору боюнча сыйымдуулугу

| Жайыт участогу | Аянты, га | Түшүмдүү лүк (кг/га) | Жалпы түшүмдүүлү к (кг) | Жээлчү коэф. 60% | 1 ШБ күндүк керектөө, 7,5кг | 50 күнгө оптималд уу ШБ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эчкилүү и Кара-Таш | 1523,03 | 760 | 1157502 | 694501 | 92600 | 1852 |
| Көк-Арт | 5726,36 | 760 | 4352033 | 2611220 | 348162 | 6963 |
| Калдама | 1353,97 | 760 | 1029017 | 617410 | 82321 | 1646 |
| **Баары** | **8603,36** | | **6538552** | **3923131** | **523083** | **10461** |

Жаздоо жайыт участокторунда 50 күн багыла тургандыгын эске алсак, сыйымдуулугу жалпысынан 10461 шартуу баш экендигин аныктап алдык. Малдар жайлоодон кайткандан кийин, күздөө жайытына багылат. Күздөө жайыт участоктору жай мезгилинде эс алып, бир топ калыбына келип калгандыктан, түшүмдүүлүгү жаз мезгилине караганда бир топ түшүмдүү болуп калат деп эсептеп, түшүмдүүлүгүн жаз мезгилине караганда бир топ жогору эсептелди.

*7-таблица. Жайыт участокторунан башка жерлер боюнча сыйымдуулугу*

| Мал жайылуучу аймактар | Аянты, га | Түшүмдүү лүк (кг/га) | Жалпы түшүмдүү-лүк (кг) | Жээлчү коэф. 60% | 1 ШБ күндүк керектөө, 7,5кг | 70 күнгө оптималдуу ШБ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Чөп чабык | 3788 | 950 | 3 598 600 | 2 159 160 | 287 888 | 4 113 |
| Айдоо аңыздары | 9150 | 1500 | 10 980 000 | 6 588 000 | 878 400 | 12 549 |
| **Баары** | | | **14 578 600** | **8 747 160** | **1 166 288** | **16 661** |

Айыл тургундарынын мал жандыктары күз мезгилинде жайыт участокторунан сырткары, айыл чарба жерлериндеги түшүмдөр жыйналып алынган жерлерге жайылат. Ошентип, күз мезгилинде жайыттарга жана аңыздарга жалпысынан 18 302 шарттуу малдын башы жайылат. Ал эми сырттан келген малдар, кайра өз ээлерине кайтарылып берилгендиктен. Күзгү жайытты жетишээрлик деп эсептесек болот.

*8-таблица. Жайлоо жайыт участоктору боюнча сыйымдуулугу жана басым*

| Жайыт участогу | Аянты, га | Түшүмдүү лүк (кг/га) | Жалпы түшүмдүү лүк (кг) | Жээлчү коэф. 60% | 1 ШБ күндүк керектөө, 7,5кг | 120 күнгө оптимал дуу ШБ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эчкилүү жана Кара-Таш жайлоосу | 1523,03 | 760 | 1157502 | 694501 | 92600 | 771 |
| Уч-Кызыл жайлоосу | 6523,61 | 367 | 2394165 | 1436499 | 191533 | 1597 |
| Кара-Булак | 7696,58 | 367 | 2824645 | 1694787 | 225972 | 1883 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| жайлоосу | | | | | | |
| Көк-Арт жайлоосу | 5726,36 | 760 | 4352033 | 2611220 | 348162 | 2901 |
| Калдама жайлоосу | 1353,97 | 760 | 1029017 | 617410 | 82321 | 687 |
| Жазыкечүү жайлоосу | 362,45 | 760 | 275462 | 165277 | 22037 | 184 |
| **Баары** | **23186** | | **12032824** | **7219694** | **962625** | **8023** |

Жайлоо жайыттарга 20-майдан баштап, июндун башына чейин көчүп барышып, август айынын аягынан, сентябрь айынын ортосуна чейин орточо 120 күн жайлашат. Жайыттардын түшүмдүүлүгү боюнча алынган маалыматтардын негизинде, жогорудагы таблицада көрүнгөндөй жайлоо жайытына 8023 шарттуу баш жаюуга мүмкүн.

Жайкы жайыттардын түшүмдүүлүгү 5,6 ц/га. Жаздоо 3,5 ц\га; күздөө 3,5 ц\га жана кыштоо -1,5 ц/га. Жыл бою пайдаланылуучу, эң аз түшүм берген жайыттар. Алынган натыйжалардын негизинде жайыттардын сезон боюнча сыйымдуулугу аныкталган. Жайыттардын негизги аймагында оптималдуу сыйымдуулук учурдагы жүктөмгө ылайык келет, буга калктуу конуштарга жакын участоктор кирбейт Кара-Булак жана Үч Кызыл жайыттары жана жыл бою колдонулат.

Алынган маалыматтын жана түшүмдүүлүктүн негизинде жайыттарга жүргүзүлгөн баалоого ылайык Кызыл-Туу АА жайыт участокторунун жалпы абалы жөнүндө жыйынтык чыгарылат.

Натыйжалар көрсөткөндөй, жайыт Эчкилуу -Кара Таш, Уч кызыл, Кара Булак, Көк Арт, Калдама, Жазкечүү участокторунда жайыттар деградацияланган, буга мурдагы кургак жылдар жана малды ашыкча жаюу таасир эткен.

*1-сүрөт. Жайыттарды пайдалануу картасынын мисалы.*




## 2.1.3. Жайыт инфраструктурасынын объекттери жана анын абалы

АА тарабынан түзүлгөн жумушчу топ, айыл аймагындагы инфраструктуранын абалына талдоо жүргүзгөн. Кызыл-Туу айыл аймагында 2 жеке ветеринардык дарыкана бар, айыл аймак боюнча жуут пункту, Беккари чуңкуру жок. Кызыл-Туу ААда жайытка баруучу 100 км жол бар, анын 30 км начар абалда. 11 көпүрөлөрдүн ичинен 5 жараксыз абалда. 5 сугат пункттары: Шатрак, Талаа-Булак, Осунбек Булак жана Кочкор Ата мал

суу ичүүчү системасы бар. Анын ичинен 2 Кочкор-Ата жана Талаа-Булак суу пункттарын оңдоо жана калыбына келтирүүнү талап кылат.

Жайыт инфраструктурасынын объекттери жана башка объекттер жөнүндө маалыматтар (мисалы, туризм, аңчылык, маданий мурас объекттери, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн сейрек жана жоголуп бара жаткан түрлөрүнүн бар экендиги жөнүндө маалыматтар) келтирилет.




**2.1.4. Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашууну эске алуу менен жайыттардын абалына баа берүүнү талдоо боюнча негизги чаралары төмөндөгүлөр:**

Акыркы жылдары өлкөбүздөгү климаттын өзгөрүүсү, Кызыл-Туу айыл аймагынын аймагында байкалууда: 2023-жыл кургакчыл болуп, жайы жаан-чачынсыз болуп, жогорку температура болгон. Жайыттарда чөптөр күйүп, кээ бир булактар кургап калган, мунун баары малдын продуктуулугуна терс таасирин тийгизген. 2024-жылы жаз-жай айларында жаан-чачындын көп болушу жайыттардын өсүмдүктөрүнө жакшы таасирин тийгизген, бирок, ошол эле учурда, малды жайкы жайыттарга өз убагында чыгарууда (жайыттарда чөптөрдүн кеч өнүп чыгышы) кыйынчылыктар болгон (төмөн температурадан, катуу жамгырдан, селден, бороондуу дарыялардан өтүүдөгү кыйынчылыктардан ж.б.).

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматы боюнча, айыл аймагында сел жүрүү коркунучу бар Көк-Арт, Алмалуу, Уч кызыл, Кара-Булак жайыт аймактары, жер көчкү түшүүсү мүмкүн болгон жерлер бар. Бул участоктордо жайыттарды пайдалануунун планын түзүүдө, Кыргызгидромет тарабынан иштелип чыккан аба ырайынын божомолун жана алдын ала эскертүү системасынын маалыматтарын колдонуудабыз.

**Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу боюнча төмөндөгү иштер аткарылат:**

- Өзгөчө кырдаалдарды болжолдоого мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча иш-чараларды пландаштыруу (сел ташкындарына, катуу суукка жана жаан-чачынга, жер көчкүлөргө, кургакчылыкка ж. б.);
- Жайыт пайдалануучуларга климаттын өзгөрүшүнүн жайыттарга жана малдын продуктуулугуна тийгизген таасирин түшүндүрүү;

- Жайыттын сыйымдуулугуна ылайык мал жайуу планын түзүү менен, ага жылдын аба ырайы да таасир этет;
- Деградация болгон жайыттарды которуштуруп пайдалануу;
- Жайыттарды пайдалануу мөөнөттөрүн жөнгө салуу менен, эс алууну камсыз кылуу;
- Алыскы жайыттарды пайдалануу менен жайыт аянттарын кеңейтүү;
- Инфраструктураны жакшыртуу, куруу жана реабилитациялоо менен (сарайлар, көп жылдык чөптөрдү себүү, жер семирткичтерди чачуу, суу ичүүчү жайларды куруу ж.б.);
- Кышкы тоют камдоону уюштуруу, кургакчылык мезгилди эске алуу менен, тоюттун запастарын көбөйтүү;
- Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашкан малдардын асылдуулугун жакшыртуу.
- Малды жайытка жайууну жана климатка ыңгайлашуу чараларын пландаштыруу менен жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү;
- Альтернативдүү ишкердикти өнүктүрүү (айыл чарба жана мал чарба продуктуларын кайра иштетүү ж.б.)

Жогорудагы белгиленген иш чаралардын негизги максаты климаттын өзгөрүшүнө жергиликтүү коомчулуктун туруктуулугун жана мал чарбачылыгынын мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу болуп эсептелет**.**

## 2.2. Жер ресурстары

Айыл аймактын жер ресурстары - бул айыл өкмөтүнүн карамагында турган, айылдык конуштун ар кандай муктаждыктары үчүн пайдаланылуучу жер участоктору. Айыл өкмөтү жооптуу:

-Жер ресурстарын бөлүштүрүү жана пайдалануу;

-Алардын абалын жана эксплуатациялоонун укук ченемдүүлүгүн контролдоо;

-Жерди эрозиядан, түгөнүүдөн жана булгануудан коргоо боюнча чараларды иштеп чыгууну жана ишке ашырууну.

Жерди натыйжалуу башкаруу айыл экономикасын өнүктүрүү жана жергиликтүү жамааттын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн маанилүү.

### 2.2.1. Жерлердин категориялары

Кызыл-Туу айыл аймагындагы айыл чарба жерлерин кошо алганда жер ресурстарынын жалпы аянты 43 000 га, анын ичинен жайыт аянты 23 186 га. Кызыл-Туу АА мындан тышкары, жай мезгилинде мамлекеттик токой фондунун жана коңшу ААнын жайыттары узак мөөнөттүү (УДП) пайдаланылат. Жайыттар келишимдин негизинде пайдаланылат.

*9-таблица. ААнын жер ресурстары*

| № | ААдагы жер категориялары | Аянты, га | Стат. маалыматы боюнча аянты/га |
|---|---|---|---|
| 1 | Айыл чарба багытындагы жерлери | 6 986 | 6 986 |
| 2 | Калктуу конуштардын жерлери | 819 | 819 |
| 3 | Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка максаттар үчүн жерлер | 9 980 | 9 980 |
| 4 | ӨКЖА жерлер | 0 | 0 |
| 5 | Токой фондунун жерлери | 2 029 | 2 029 |
| 6 | Суу фондунун жерлери | 0 | 0 |
| | **Жалпы:** | **19 814** | **19 814** |

**Билдирүү:** Айыл аймагындагы бүгүнкү күндөгү жайыт аянты менен статкомдун маалымында айырмачылык болууда.

*10-таблица. Айыл чарба жерлеринин структурасы*

| № | Жайыт жерлеринин түрлөрү | Баары,га | Анын ичинен | | Анын ичинен, га | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Сугат | Кайракы | Мам.акт боюнча | УДП | ГЛФ |
| 1 | Айдоо жерлер | 3608 | 1944 | 1664 | 3608 | | |
| 2 | Көп жылдык чөптөр | 1909 | | | 1909 | | |
| 3 | Бадалдуу-дарак өсүмдүктөрү | 54 | | | 54 | | |
| 4 | Жайыт | 21000 | | | 21000 | 2300 | 2029 |
| 5 | Башка жерлери | 16888 | | | 16888 | | |
| | **Бардыгы:** | **43459** | **1994** | **1664** | **43459** | **2300** | **2029** |

**Кызыл-Туу ААда төмөнкү айыл чарба өсүмдүктөрү өстүрүлөт:** Буудай 584 га, арпа 384 га, беде 278,5 га, жүгөрү 300 га, эспарцет 21,4 га, картошка 0,6 га, шалы-күрүч 351,3 га, жашылча 10,62 га (өсүмдүктүн аталышы жана алардын аянты гектар менен), анын ичинен эң чоң аянтты: буудай 584 га.

Көп жылдык бактар (мисалы, бакчалар, эрозияга каршы көчөттөр, баш калкалоочу тилкелер) 54,0 ээлейт. га, алардын ичинен эң кеңири таралгандары: жаңак, долоно, мисте, алча, алма (көп жылдык чөптөр аталышы). Көп жылдык чөптөр ээлеген аянт 1909,0 га (өсүмдүктүн жаңак, долоно, мисте, алча, алма аталышы) өстүрүүгө ылайыктуу. Бадалдуу-дарак өсүмдүктөрү: 54,0 га. Башка жерлер – бул 16888 га жерлер болуп саналат (жер көчкү, суулар, сел жеген, жолдор, аң-жарлар, аска-зоолор ж.б.).

## 2.3. Мамлекеттик токой фондунун (МТФ) жаратылыш ресурстары

Мамлекеттик токой фондусунун жаратылыш ресурстары - бул мамлекеттик менчикте турган токой фондусунун жерлеринин чегинде турган жаратылыш байлыктарынын жыйындысы. Бул ресурстар мыйзамдар менен жөнгө салынат жана экономикалык, экологиялык жана социалдык максаттарда колдонулат.

Мамлекет токой фондусунун ресурстарынын пайдаланылышына контролдукту атайын органдар аркылуу жүзөгө ашырат. Бул ресурстар экологиялык туруктуулук, экономикалык өнүгүү жана социалдык туруктуулук үчүн маанилүү.

### 2.3.1. МТФ жайыттарын пайдалануу

Кызыл-Туу айыл аймагынын тургундары Кызыл-Уңкур жана Орток токой чарбасынын жайыт аянттарын пайдаланышат. Пайдалануудагы жайыт аянты 2029 га. Токой чарбасынын аймагына бардыгы болуп 9150 мал башы менен 13 жайыт пайдалануучулар чыгат.

*11-таблица. Ижарага алынган МТФ жайыттары*

| № | Жайыттардын жерлери | Аянты, га |
|---|---|---|
| 1 | Кызыл-Уңкур | 240 |
| 2 | Орток | 280 |

*12-таблица. МТФ жерлеринде жаюуга болжолдонгон мал*

| № | Айыл | КРС | МРС | Жылкы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кызыл-Уңкур | 500 | 3500 | 250 |
| 2 | Орток | 600 | 4000 | 300 |

| | Баары: | 1100 | 7500 | 550 |
|---|---|---|---|---|

### 2.3.2. МТФ жайыттарынын абалын баалоо

Жайыттардын абалына баалоо ОГУЛдун жумушчу тобу тарабынан токой чарба адистери менен биргеликте жүргүзүлөт жана жайыттардын түшүмдүүлүгү жана сыйымдуулугу, алардын абалы аныкталат. Бул маалыматтардын негизинде токой чарбасынын жайыттарын пайдалануунун графиги иштелип чыгылат. МТФнын жайыттарынын жер фондунун абалын баалоо, ААнын жайыттары сыяктуу эле методологияны колдонуу менен жүргүзүлөт.

*13-таблица. Жайыттардын абалын баалоо*

| Участок | Абалы | Индикатор | Сунуштар |
|---|---|---|---|
| Эчкилүү -Кара Таш | орто | Жайыттар калыбына келет | Жайыттарды которуштуруп эс алдыруу керек. Жайыттарды тосуу керек. Үрөн себүү. 5 км сүрүп жолду ондоо керек. |
| Уч кызыл | начар | Жайыттар калыбына келет. Тоют даярдоодо техникалар жүрөт | Жайытка барган 8 км жолду ондоо керек. Куурларды коюш керек. Жылгалардан жаан чачын болгон убакта суу топтолуп түшкөн убакта жолдор бузулуп техника жүрө албай калат. Ошондуктан 5-6 жылгаларга бетон кольцолордон көрпүрө куруш керек. |
| Кара-Булак | орто | Жайыттар калыбына келет | Жакынкы жайыт болгондуктан эс алдыруу керек. Жаңы уруктарды себуу керек. 9 км жолду сүрүп оңдоо керек . |
| Көк-Арт | орто | Жайыттар калыбына келет | Жайытты тосуу керек. 3км жолду ондоо керек. |
| Калдама | начар | Жайыттар калыбына келет | Жайытты эс алдыруу керек, 3 км жолду ондоо керек. |
| Жазкечүү | начар | Жайыттар калыбына келет | Жайытты тосуу керек 2 км жолду ондоо керек. |

*14-таблица. Жайыттын сыйымдуулугу*

| Жайыт участогу | Жайыт аянты, га | Түшүмдүлүгү кг/га | Жалпы түшүмдүүлүгүкг/га | Жээлчү коэффициент, 60% | 1 ШБ күндүк керектөө, 7,5кг | Е=Д/ жайытка чыгуу күнү | Жайыттын сыйымдуулугу, ШБ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | А | Б | В=А*Б | Г=В*0,6 | Д=Г/7,5 | Е | Ж=Д/Е |
| Эчкилүү - Кара Таш | 1523,03 | 760 | 1157502,8 | 694501,68 | 92600,224 | 120 | 772 |
| Уч кызыл | 6523,61 | 367 | 3157913,89 | 1894748,334 | 252633,1112 | 245 | 1031 |
| Кара-Булак | 7696,58 | 367 | 2824644,86 | 169474786,916 | 225971,5888 | 245 | 922 |
| Көк-Арт | 5726 36 | 760 | 4352033,6 | 2611220,16 | 348162,688 | 120 | 2901 |
| Калдама | 1353,97 | 760 | 1029017,2 | 617410,32 | 82321,376 | 90 | 915 |
| Жазкечүү | 362,45 | 760 | 275462 | 165277,2 | 22036,96 | 120 | 184 |
| **Баары:** | **23186** | | | | | | |

*15-таблица. Мал жаюу графиги*

| Жайыт участогу | Пайдалануу мезгили боюнча жайыттын түрү | Аянты, га | Мал жаюу мезгили |
|---|---|---|---|
| Эчкилүү -Кара Таш | жайлоо | 1523,03 | 15-майдан 15-сентябрга |
| Уч кызыл | жаздоо жайлоо | 6523,61 | 1-апрелден 1-декабрга |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кара-Булак | жаздоо жайлоо куздоо | 7696,58 | 1-апрелден 30-майга чейин, 1-сентябрдан 1- |
| Көк-Арт | жайлоо | 5726,36 | 1-июндан 1-сентябрга |
| Калдама | жайлоо | 1353,97 | 1-июндан 1-сентябрга |
| Жазкечүү | жайлоо | 362,45 | 1-майдан 1-сентябрга |

### 2.3.3. МТФ жайыттарын башкаруу

МТФ жайыттарын комплекстүү башкаруу үчүн айыл өкмөттөр менен токой чарбасынын ортосунда МТФнын жаратылыш ресурстарын биргелешип башкаруу боюнча Меморандум түзүлөт.

## 2.4. Токой ресурстары

Токой ресурстары-бул ар кандай экономикалык, экологиялык жана социалдык муктаждыктар үчүн колдонула турган токойлордо табылган жаратылыш байлыктарынын жыйындысы. Аларга жыгач гана эмес, токой экосистемасынын башка компоненттери, мисалы, өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсү, топурак, суу жана климаттык функциялар кирет.

### 2.4.1. МТФ токойлору жөнүндө жалпы маалымат

2024-жылга карата Кызыл-Туу АА мамлекеттик токой фондунун (МТФ) чарбасынын аймагында Кызыл-Туу АА боюнча 2029 токой аянты катталган. Кызыл-Туу Айыл аймагынын жашоочулары Базар-Коргон районунун Кызыл-Ункур жана Сузак районунун Орток токой чарбасы менен мал багуучулар жеке келишимдин негизинде токой фондусун жерлерин пайдаланышат. Жергиликтүү тургундардын айтымында, жерди пайдалануу абдан интенсивдүү. Бул колдонулган жыгач эмес токой продуктыларына терс таасирин тийгизет.

| № | МТФнын жерлери | Аянты,га | Кой | Уй | Жылкы | Малчылар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кызыл-Уңкур | 240 | 3500 | 500 | 250 | 6 |
| 2 | Орток | 280 | 4000 | 600 | 300 | 7 |
| **Баары:** | | **520** | **7500** | **1100** | **550** | **13** |

520 га баары ижарага алынган жерлер

*16-таблица. Токой чарбасынын жерлерин пилоттук бөлүштүрүү жөнүндө маалымат*

| № | Жерлердин түрлөрү | аянты, га | № | Жерлердин түрлөрү | аянты, га |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **МТФ жерлеринин жалпы аянты, анын ичинен:** | **2029** | | | |
| 2 | **Токой жерлери:** | | 3 | **Токой эмес жерлер:** | |
| | **Токой каптаган аянттар:** | **1570** | | Сугат айдоо жерлери | 0 |
| | Анын ичинен токой | 1325 | | Кайракы жерлер | 0 |
| | **Токой эмес аянттары:** | **459** | | Чөп чабык | 0 |
| | Не сомкнувшиеся л\к | | | Жайыт | 257 |
| | Питомниктер жана | 4 | | Бакчалар | |
| | Редины | | | Усадьбы | |
| | Гари и погибшие насаж. | 10 | | Саздак жерлер | 1 |
| | Кыйылган аянттар | | | Жолдор | 34 |
| | Ачык жана бош жерлер | 445 | | Суулар | 5 |
| | **Жалпы токой эмес жерлер** | **459** | | Кумду жерлер | 27 |
| | **Бардык токой жерлери:** | **2029** | | Башка жерлер | 130 |
| | | | | **Бардык токой эмес:** | **459** |

### 2.4.2. МТФ жана ӨКЖА кирбеген токойлор жөнүндө маалымат

2024-жылга карата айыл аймагынын аймагында мамлекеттик токой фондусуна жана өзгөчө корголуучу аймактарга кирбеген 2029 га токой аянттары бар.

Кызыл-Туу АА Кара-Көл, Кызыл-Алма, Алчалуу, Кара-Инген,Талаа-Булак, Ак-Булак айылдарында бак-дарактарга - ак чечек алча,жангак, жапайы алма, мисте- момолу момо жемиштерге, ал эми бадалдуу дарактарга – караган, шилби, табылгы, каргат, кожогат, моюл өсөт.

- Учурда Абалы туруктуу, жыл сайын куураган жок болгон аянттар жергиликтуу тургундар тарабынан калыьына келтируу иштери жургузулуп турат. АА тарабынан коншу токой чарбаларынын питомниктеринен жаны кочоттор отургузулат. Мал жандын коптугунон коргоо тосмолору жоктугунан мал жакдыктар тарабынан зыянга учуроо көйгөйлөр бар.
- Бактын түрлөрү: Пайдаланышы- аталган момо дарактардан жемиштери ар кандай варенье жасоо,кургатып пайдалануу, дарылык пайдалануу, озгочо жанагак токойлорунан басымдуулук кылат. Ал эми жапайы алма менен алчаны Жалал-Абад шаарындагы ишкерелер тарабынан сатып алынат да, жергиликтүү калк киреше табышат.
- Жакшыртуу чаралары: Келечеги - Токой фондунун жерлери айыл тургундарына келишимдин негизинде тургундарына берилет. Келишимдин негизинде жерлердин ижара акылары алынат, Кошумча көчөттөрдү тигүү милдетттендирилет. Өзгөчө Талаа-Булак айылында 2га мисте тааласын кенейтүү пландалууда. Атайын коргоо тосмолору менен тосуп коргоого алуу зарыл. Токойлорду коруй турган ыктыярдуу жашоочуулар менен келишимдер түзулүп коруруга алынып турат. Токойго зыян келтирген жарандарга карата чаралар көрүлүп келет.

Айыл аймагынын аймагында жайгашкан МТФ жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарына кирбеген токойлорду башкаруу боюнча жана айыл өкмөтүнүн мүмкүнчүлүгүн каралат.

## 2.5. Суу ресурстары

Айыл аймактын суу ресурстары - бул жергиликтүү калктын чарбалык, айыл чарбалык, турмуш-тиричилик жана экологиялык муктаждыктары үчүн пайдаланылуучу айылдык конуштун аймагында жайгашкан суу объектилеринин жыйындысы.

### 2.5.1. Суу ресурстарынын курамдык бөлүктөрү

Суу ресурстарын башкаруу жана сактоо биздин милдетибиз. Бул алмаштырылгыс ресурс, ал жашоону камсыз кылат, экосистемаларды азыктандырат жана экономиканы бекемдейт. Кызыл-Туу айыл аймагынын аймагында Көк-Арт, Кызыл-Үнкүр, Кашка-Суу дарыялары Ачы суусу агат, Кара-Көл, Кочкор-Ата көлдөрү жайгашкан, жасалма мөңгүлөр жок. Ар бир жайыт участоктордо табигый булактар бар. Булактардан адамдар жана малдар суу ичишет. Булак суулар агып кетет. Мисалы : Кочкор-Ата мал суу ичүүчү суу системасы, Талаа-Булак, Шатрак, Осунбек-Булак мал суу ичүүчү каптажтар курулган жана пайдаланып жатат.

Суу ресурстарындагы көйгөйлөр:

1. Суу ресурстарын айылдар арасында бөлүштүүрүнү пландоо жана уюштуруу;
2. Гидрологиялык, кар көчкү, жер үстүндөгү суулардын булгаанышына байкоо жүргузүү;
3. Калктуу конуштардын жана объекттердин аймактарын селден жана суу ташкындарынан коргоону, селден коргоочу курулмаларды курууну камсыз кылуучу иш-чараларды жүргүзүү, инженердик курулмаларды эксплуатациялоону камсыздоо;

4. Бассейндердин алкагында суу ресурстарын башкаруунун туруктуу системасын түзүү үчүн жергиликтүү деңгээлдерде чечимдерди кабыл алууну камсыз кылуу.

### 2.6. Биотүрдүүлүк

Кызыл-Туу АА жайыттардын жана токойлордун аймагында төмөндөгүдөй дары-дармек, эндемикалык өсүмдүктөр өсөт: Ромашка, алгы, кийик от, кымыздык, ак пияз, сарымсак, чүкүрү, ышкын. Кашкулак , суур, кирпи, кекилик, таш бака, улар, кийик, аюу, карышкыр, коен, талаа too к.

**Биологиялык ар түрдүүлүктү сактоонун пайдасы:** Биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо бул жөн гана түрлөрдү жана экосистемаларды коргоо эмес, бул биздин келечегибизге салынган инвестиция. Биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо көптөгөн артыкчылыктарды берет, анын ичинде:

- Жергиликтүү калк дары-дармек өсүмдүктөрүн жана долононун гүлүн чогултуп, атайын кургатып, чай катары пайдаланууга болот.
- Дары-дармек өсүмдүктөрүн көзөмөлсүз чогултуунун натыйжасында сасык матар өсүмдүктөрү дээрлик жок болуп кетти. Аймакта мурда көп болчу, азыр алар дээрлик жок болуп кетүү куркунучунда.

## 3-БӨЛҮМ. МАЛДЫН САНЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЖАЙЫТ ТОЮТУНА БОЛГОН КЕРЕКТӨӨСҮ

### 3.1. Шарттуу малдын башы

Кызыл-Туу АА жыл сайын жылдын аягында айыл башчылар, жеке ветеринардык адис жана айылдагы активдүү адамдардын катышуусу менен малдын эсеби жүргүзүлөт. 2024-жылдын 1-январына карата Кызыл-Туу ААда 27392 ШБ катталган. (13-таблица). Тургундар малдардын бир нече түрүн кармашат: Уй, жылкы, кой, эчки кармашат. Негизги малдар ири мүйүздүү малдар -10432, жылкылар- 3721, майда жандыктар шарттуу -13240 малды түзөт. Негизинен жергиликтүү фермерлер сүт жана эт өндүрүү үчүн жергиликтүү породаларды багышат. Ошондой эле, эт багытындагы кой-эчкилерди кармашат. Сүттөр, сүт жыйноочулар аркылуу сатылат.

*17-таблица. Малдын саны жана түрлөрү боюнча тоют керектөөсү*

| № | Малдын түрү | Саны | Коэффициент | ШБ | Күнүмдүк керектөө 7,5 кг/күн | КЗ күнүмдүк керектөөсү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бодо мал | 7027 | 1 | 7027 | 7,5 | 52702,5 |
| 2 | Жаш бодо мал | 4864 | 0,7 | 3404 | 7,5 | 25530 |
| 3 | Майда жандык | 66200 | 0,2 | 13240 | 7,5 | 99300 |
| 4 | Жылкы | 2762 | 1 | 2762 | 7,5 | 20715 |
| 5 | Тай, кулун | 1370 | 0,7 | 959 | 7,5 | 7192,5 |
| **Баары:** | | | | **27392** | | **205440** |

Кызыл-Туу АА жайыттарында 76 малчы мал жаят, анын ичинен 50 пайыз малы бөлөк айыл өкмөттөрдөн келген малдар. 76 малчынын жарым малы бөлөк жактан келген малдар. Кызыл-Туу АА жайыттарында 8023 шарттуу малдын башы багыла турган болсо, факты боюнча 27392 шарттуу малдын башы багылууда, демек бул жайытта малдын саны 3,5 эсе көп жайылууда.

*18-таблица. Малчылар аркылуу жайлоого чыккан малдын жалпы саны*

| № | Малчынын аты-жөнү | Малчынын дареги | КРС | МРС | Жылкы | Топоз | Төө | Эшек |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Эшенов Арзы | Шатрак | | 1020 | 7 | | | 2 |
| 2 | Бакиров Өсөр | | 23 | 784 | 11 | | | 2 |
| 3 | Кулушев Акыл | Ак-Булак | 110 | 1200 | 29 | | | 3 |
| 4 | Муратов Кулчоро | Таштак | | 980 | | | | |
| 5 | Борбиев Элдияр | Таштак | | 801 | 2 | | | |
| 6 | Камалов Нусупбек | Ак-Терек | | 640 | | | | |
| 7 | Мамытов Кененбай | Акчалуу | | 402 | | | | |
| 8 | Эшенов Чынгыз | Ак-Баш | 138 | | | | | |
| 9 | Рахманов Акылбек | Алмалуу | | 1800 | | | | |
| 10 | Эрматов Тазабек | Акчалуу | 12 | 951 | 18 | | | |
| 11 | Абдраимов Айтали | Алмалуу | 150 | 1300 | 80 | | | |
| 12 | Толонбаев Мукаш | Акчалуу | 15 | 85 | 30 | | | |
| 13 | Газыев Толубай | Алмалуу | 46 | 1200 | | | | |
| 14 | Калыков Бакай | Алмалуу | 38 | 830 | | | | |
| 15 | Бекен уулу Совет | Алмалуу | 42 | 630 | | | | |
| 16 | Калмаматов Усон | Талаа-Булак | 260 | | | | | 1 |
| 17 | Апышов Улан | Талаа-Булак | 76 | 901 | 2 | | | |
| 18 | Оморов Таир | Талаа-Булак | 80 | 800 | 12 | | | 2 |
| 19 | Айтали уулу Эламан | Алмалуу | | 1260 | 15 | | | |
| 20 | Маматов Марат | Акчалуу | 74 | 1200 | 2 | | | 1 |
| 21 | Мырзакасымов Арзыкул | Акчалуу | | 1150 | | | | |
| 22 | Газыбекеов Жакып | Таштак | 68 | 1260 | 2 | | | |
| 23 | Жусупбаев Калил | Акчалуу | 84 | 1060 | 18 | | | |
| 24 | Калмаматов Мирлан | Талаа-Булак | | 3800 | 2 | | | 1 |
| 25 | Юнусов Акыл | Талаа-Булак | 7 | 300 | 12 | | | |
| 26 | Аданов Узакбай | Алмалуу | 160 | 957 | | | | |
| 27 | Тыныч уулу Чубак | Талаа-Булак | 24 | 810 | 18 | | | |
| 28 | Камытов Медербек | Алмалуу | | 1210 | 7 | | | 2 |
| 29 | Камытов Таирбек | Алмалуу | | 1340 | 8 | | | |
| 30 | Кокоев Кадырбек | Ак-Терек | | 780 | 2 | | | |
| 31 | Камалов Замирбек | Ак-Терек | 220 | | 2 | | | |
| 32 | Жороев Майсал | Ак-Терек | | 950 | 2 | | | 2 |
| 33 | Камалов Азиз | Ак-Терек | 260 | | 3 | | | |
| 34 | Калымбетов Орозбай | Ак-Терек | 170 | 1400 | 4 | | | 2 |
| 35 | Ибрагимов Кайратбек | Ак-Терек | 217 | | 3 | | | |
| 36 | Камалов Афтандил | Ак-Терек | | 605 | 2 | | | |
| 37 | Камалов Мирлан | Ак-Терек | 160 | | 3 | | | 1 |
| 38 | Ибрагимов Мурзаьек | Ак-Терек | | 1200 | 2 | | | |
| 39 | Ибрагимов Асилбек | Ак-Терек | 250 | | 2 | | | |
| 40 | Карагулов Жаныбай | Ак-Терек | 270 | | 4 | | | 2 |
| 41 | Ураимов Нурбек | Ак-Терек | 95 | | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 42 | Боронбаев Калил | Ак-Булак | 86 | | 1 | | | |
| 43 | Калымбетов Абдуманап | Ак-Терек | 150 | 1250 | 2 | | | 2 |
| 44 | Ураимов Мырзабек | Ак-Терек | | 800 | | | | |
| 45 | Калымбетов Абдумиталип | Ак-Терек | 86 | 1150 | 2 | | | 3 |
| 46 | Калымбетов Кылыч | Ак-Терек | | 1310 | | | | |
| 47 | Аталов Мирлан | Ак-Терек | 78 | 1200 | 2 | | | |
| 48 | Орозов Эрнист | Ак-Терек | 218 | | | | | 2 |
| 49 | Сартов Улук | Алчалуу | 58 | 110 | 12 | | | |
| 50 | Турков Максат | Алчалуу | | 850 | 78 | | | |
| 51 | Сатыбалдиев Нурсултан | Ак-Булак | 25 | 200 | 1 | | | 2 |
| 52 | Иманов Дуйшон | Ак-Терек | 130 | 1150 | 2 | | | |
| 53 | Мамаев Буркут | Алчалуу | | 1340 | 4 | | | |
| 54 | Машаев Мурзакул | Ак-Терек | | 1260 | 2 | | | |
| 55 | Мусакулов Шамил | Ак-Булак | | 1350 | | | | 3 |
| 56 | Пиримкулов Болон | Сок-Таш | 18 | 450 | | | | |
| 57 | Абдулбапов Туголбай | Ак-Булак | 6 | 260 | | | | |
| 58 | Мусаев Базан | Ак-Булак | | 410 | | | | 1 |
| 59 | Кубатов Алтынбек | Шатрак | 46 | 440 | 3 | | | |
| 60 | Исмаилов Артык | Сок-Таш | | 650 | 2 | | | |
| 61 | Кадыров Осмон | Сок-Таш | 140 | 850 | 8 | | | 3 |
| 62 | Жумабаев Маданбек | Сок-Таш | 56 | 950 | 2 | | | |
| 63 | Садыков Улан | Кара-Көл | 12 | 160 | 14 | | | |
| 64 | Газыбеков Закир | Кара-Көл | 8 | 180 | 18 | | | 1 |
| 65 | Жанашов Нурмамат | Алмалуу | 176 | | 3 | | | |
| 66 | Торобеков Токтогул | Ак-Терек | | 1400 | 13 | | | 3 |
| 67 | Бегимкулов Бактыбек | Ак-Терек | | 850 | | | | |
| 68 | Жороев Замирбек | Ак-Терек | | 1300 | | | | 2 |
| 69 | Дуйшеев Мавлян | Сок-Таш | | 704 | 2 | | | |
| 70 | Абакиров Замир | Сок-Таш | 156 | 1400 | 13 | | | 2 |
| 71 | Шамшиев Абдуманап | Сок-Таш | | 1250 | 18 | | | |
| 72 | Апиев Исраил | Орто-Азия | 116 | | | | | 1 |
| 73 | Карабеков Курстан | Ташбака | 160 | 557 | 13 | | | |
| 74 | Атчабаров Нурбек | Шатрак | 8 | 861 | 2 | | | |
| 75 | Баймуратов Эркин | Шатрак | | 160 | 6 | | | |
| 76 | Зыпаров Мунарбек | Шатрак | | 850 | | | | 2 |
| | **БААРЫ :** | | **4782** | **59258** | **527** | | | 46 |

### 3.2. 5 жылга болжолдонгон шарттуу малдын саны жана тоютка болгон керектөө

2020-2024-жылдарга малдардын ар кандай түрлөрүнүн өсүү темпинин негизинде малдардын санынын өсүү болжолуна талдоо көрсөткөндөй, орточо жылдык өсүш 5%

экендигин көрсөттү, 2030-жылга карата 1,7% түзөт. 21224 ШБ 347,125,950 тонна кургак затты талап кылат.

*19-таблица. Малдын саны жана түрлөрү боюнча малдын тоют керектөөсү*

| № | Малдын түрү | Малдын түрү боюнча жылдык орточо өсүү маалыматтары | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **2022** | **2023** | **2024** | **2025** | **2030** |
| 1 | Бодо мал | 6200 | 6820 | 7027 | | |
| 2 | Жаш бодо мал (1 жашка чейин) | 2500 | 2750 | 3404 | | |
| 3 | Майда жандык | 10600 | 11700 | 13240 | | |
| 4 | Жылкы | 2200 | 2440 | 2762 | | |
| 5 | Кулун, тай | 680 | 755 | 959 | | |
| **Жалпы ШБ:** | | **22180** | **24465** | **27392** | **30131** | **48526** |

Кызыл-Туу АА малдын санынын орточо өсүүсү 2022-2024 жылы, жылына 10-11 пайыз түздү. Эгерде ушул өссүш менен барсак 2030-жылга 48526 ШБ тузөт. Демек 2024-жылдын ШБнан 2030-жылы 1,7 эсеге көбөйөт. Демек бүгүнкү күндөгү биздин жайытка келген малдардын 40 пайызы башка жактан келген малдар. Жайытыбызды сакташ үчүн сырттан келген малдардын баарын токтотушубуз керек. Экинчиден өзүбүздүн малдарды сандан сапатка өткүрүшүбүз зарыл. Бул үчүн жасалма уруктандырууну колго алуу зарыл.

## 3.3. Сезонго жараша жайыттарда жана жайыттардан башка жерлерде тоюттун көлөмү

*20-таблица. Сезонго жараша жайыттарда жана жайыттардан башка жерлерде тоюттун көлөмү*

| Сезон | Жалпы аянты | жайыттарда | | | Жайыттардан башка жерлерде | | | Бардык дүң жыйым КЗ/кг | Жээлчү КЗ 50-60% |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Аянты, га | Түшүмдүү-лүгү | Дүң жыйым, кг | Аянт, га | Түшүмдүү-лүгү КЗ кг/га | Дүң жыйым, кг | | |
| Жаздоо-Жайлоо-Күздөө | 14583 | 14583 | 498 | 7262334 | 3608 | 200 | 7216000 | 15246268 | 9147760 |
| Жайлоо | 8603 | 8603 | 760 | 6538280 | | | | 6538280 | 39230 |
| **Баары** | **23186** | **23186** | | | | | | **21784548** | **9186990** |

Ар бир жайыттын орточо түшүмдүүлүгү (жайыттарда жана жайыт участокторунан башка жерлерде тоюттун болушун сезон боюнча эсептөөдө жана талдоодо) жеткиликтүү тоютту баалоо жана аныктоо үчүн, ар бир чарчы метриндеги кургак зат таразага тартылат. Жайыттарда мал жаюунун жол берилген ченемдери орто эсеп менен 50-60% түзөт.

## 3.4. Даярдалуучу тоюттун көлөмү

Даярдалган тоюттун түшүмү 2024-жылдын статистикалык маалыматынын алынды.

*21-таблица. Даярдалган тоют (мисалы)*

| № | Тоюттун түрү | Айдоо жерлеринин аянты,га | Түшүмдүүлүк, кг/га | Дүң жыйым, кг | Малды байлап багуу, ШБ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Беде | 278,5 | 7000 | 1949500 | |
| 2 | Эспарцет | 21,4 | 6000 | 128400 | |
| 3 | Саман (арпа) | 384 | 1500 | 576000 | |
| 4 | Саман (буудай) | 584 | 1700 | 992800 | |
| 5 | Жүгөрү пая (силос) | 300 | 30000 | 9000000 | |
| **Бардыгы:** | | **1567,9** | | **12646700** | **27392** |

## 3.5 Тоют балансы

**Малдын даярдалуучу жана жайыт тоютуна болгон муктаждыгы.** Колдо болгон малды тоют менен талаптагыдай камсыз кылуу үчүн даярдалган жана жайыт тоюттарына малдын муктаждыгын билүү зарыл.

*22-таблица. Малдын жайытка жана даярдалган тоютка болгон муктаждыгы (КЗ)*

| Тоют түрү | Малдын тоютка болгон муктаждыгы, кг (кармоо убакытысы*7,5кг) | Бар болгон тоют, кг | Тоют менен камсыз болуу, кг |
|---|---|---|---|
| Жайыт тоюттары | 49414050 | 13073008 | -36341042 |
| Жыйналган тоют, сенокосту кошуу керек | 24652800 | 12646700 | -12006100 |

Айыл аймагынын жайыттарында малдар 270 күн кармалат. Айыл аймагында бордоп семиртүү жолу менен 500 ШБ багылат.

Тоютка болгон муктаждыкты аныктап, жыл жана сезон боюнча тоют балансын аныктоо зарыл, бул маалыматтарды 22-таблицадан көрүүгө болот. Айыл аймагында жайыттагы тоюттар болгон малдын 74%ын гана жаюуга болот экендигин көрсөттү. Ал эми кышка даярдалуучу тюот, колдо богон малдын 50%ына жетээрлиги аныкталды.

Жайыттардын түшүмдүүлүгүн жана малдын тоютка болгон муктаждыгын талдоо, айыл аймагында жазгы жана жазгы жайыт тоюттары менен жетишсиз камсыз болгондугун көрсөттү. Малды жайлоодо тоют менен камсыз кылуу үчүн зарыл болгон өлчөмдөгү тоют даярдалат. Айыл аймагынын ар бир жашоочусуна жер үлүштөрү түрүндөгү айдоо жерлери мал багуу үчүн жетиштүү көлөмдө бөлүнгөн.

## 3.6. Малдын асылдуулугун жакшыртуу

Кызыл Туу айыл аймагында малдын асылдуулугун жакшыртуу 65 кожолуктардагы 87 уйларды иш жүзүндө уруктандыруу жолу менен жүргүзүлдү. Маалыматтарды 20 таблицадан көрүүгө болот «Айыл чарба жаныбарларын жасалма уруктандыруу»

*23-таблица. Малдарды жасалма жол менен уруктандыруу*

| АА | Асыл | Жасалма | Уруктанган малдар, | Бодо малдын |
|---|---|---|---|---|

| аталышы | тукум мал 01.01.24г., (уйлардын саны) | уруктандыруу пункту, шт | | (баш) | | үрөндүк материалы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | ачылган | иштеп жатат | уруктанган | тукум | |
| Кызыл Туу | 87 | 1 | 1 | 87 | Голштейн, швидс Симментал Ала Тоо | Голштейн, швидс Симментал Ала Тоо |

Кызыл-Туу АА боюнча 87 мал жасалма уруктандырылган. Анын төлү 42 баш музоо алынган.

23-таблицага ылайык «Малдарды жасалма уруктандыруу» иштеп жаткан 1 жасалма уруктандыруу пунктунан, 87 баш уйлар уруктандырылды, төл 61 башты түзөт. Ошонун негизинде, малдын тукумун жакшыртуу планын түзүп, асыл тукум малдын сапаттуу үрөндүк материалы менен жасалма уруктандыруу пункттарын уюштуруп, асылданган малдарды көбөйтүү зарыл.

Кызыл Туу АА да 6902 уйдун  50%ы саан уй деп эсептесек, 3451 уйдан күнүнө 6 литрден сүт саалса, күнүнө 20706 литр сүт саалат. Уйдун сүт саалуу күнү 7 ай (210күн) деп эсептесек, жылына 4 348 260 литр сүт саалат. Бир уй жылына 1260литр сүт саалат.

Кызыл Туу ААда 6902 баш уйлар жана 4898 жаш бодо малдар катталган. 1 баш күнүнө 0,2кг салмак кошсо, 1 жылда 73 кг салмак кошот. Ал эми жаш бодо мал күнүнө 0,35кг салмак кошсо, жылына 128кг салмак кошот.

Малдын сүт жана эт өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн малдарды жасалма уруктандыруу жолу менен малдардын асылдуулугун жакшыртууу керек. Биздин аймакта климаттык шартка адаптацияланган С иментал, Ала Тоо жана швиц породаларынын уруктарын алып келип көбөйтүү керек. Ал эми эт багытында абердин-ангус породаларын көбөйтүү керек.

Малдарды асылдандырууда тоют базасын чыңдоо багытында иш чараларды жүргүзүү зарыл. Чыктуу тоют даярдоо багытында силос жана сенаж тоюттарын даярдоо зарыл.

Бул иштерди аткаруу үчүн муниципалдык ишканаларга кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринен жер аянттарын бөлүп берип, беде жана жүгөрү аянттарын кеңейтүү керек.

Долбоордун алкагында, жумушчу топтун сунушу менен 4 мобилдик жасалма уруктандыруу пункттарын ачып, тиешелүү жабдуулар жана сапаттуу уруктар менен камсыздоо багатында иш алып баруу зарыл.

Малдарды асылдандыруу менен малдан көбүрөөк пайда табууга үндөө багытында иш аракеттерди жүргүзүү керек.

| № | Иш чара | Мөөнөт | Индикатор | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| **Сүттү иштөтүү боюнча сунуш** | | | | |
| 1 | Сүт багытындагы ири мүйүздүү малдардын санын көбөйтүү | 2025-2030 | Жасалма уруктандыруу жолго салынат | Фермерлер менен сүт иштетүүчүлөрдүн ортосунда түз байланыш пайда болот. |
| 2 | Сүттүү сактоо үчүн муздаткыч танкерлерди алуу менен сүт чогултуу стационардык пунктун ачуу | 2025-2028-жж | Сүт өндүрүүчүлөр жамааты түзүлөт | Сүттү кайра иштөөтүү менен элдин жашоо шарты оңолот |
| **Жасалма уруктандыруу боюнча сунуш** | | | | |
| Ак-Булак, Кара-Көл,Алчалуу,Кызыл-Алма жана Караинген айылдарындагы жайыт менен чөп орок жерлерин бөлүп тосуу менен тоют базасын жакшыртуу | 2025-жыл | Тоют даярдоо үчүн жайыттардан чөп орок жерлерди бөлүү | Витаминдүү тоюттар даярдалат |

### 4.8.3. Эпизоотияга каршы иш чаралар

Өзгөчө корукунучтуу жугуштуу оорулардын бири болгон Сибирь жарасына каршы 1200 баш жылкыны эмдөөдөн өткөрүү, бодо мал 8500 баш, ал эми майда жандыктар 41080 баш. Бруцеллезго текшерүү боюнча 256 жылкы текшерүүнү планга алуу, 2270 бодо мал текшерүү. Ал эми шарп оорусуна каршы бодо малдарды эмдөө, ит мышыктарды кутурма оорусунан эмдөөдөн өткөрүү,  коркунуч жараткан жолбун иттерди атып өлтүрүү. Ошондой эле бодо мал бруцеллез оорусу менен катталгандарды союп жок кылуу.

## 4.9. Жайыттарды башкаруу боюнча адистердин жана ОГУЛдун потенциалын жогорулатуу

ОГУЛдун айыл өкмөтү менен биргеликте пландаштырылган негизги иш-чаралары төмөнкү багыттар боюнча болот:

- Мал жаюу системасын жакшыртуу
- Жайыттардын абалын жакшыртуу
- Жайыт инфраструктурасын өнүктүрүү жана реконструкциялоо
- Мал чарбасын өнүктүрүү
- Малдын ден соолугун жакшыртуу
- Климаттын өзгөрүшүнө адаптация
- Гендерге басым жасоо менен киреше алып келүүчү иш-чаралар
- Потенциалды жогорулатуу
- ОГУЛдун мүчөлөрү менен биргелекте айыл тургундарына түшүндүрүү иштерин алып баруу

# 5-БӨЛҮМ. КИРЕШЕ АЛЫП КЕЛҮҮЧҮ ИШ-АРАКЕТТЕРДИН АБАЛЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮ*

## 5.1. Аялдар үчүн шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртууну эске алуу менен кошумча нарк чынжырларын түзүү потенциалын талдоо

*29-таблица. Кызыл-Туу ААнын негизги ресурстары жөнүндө маалымат*

| Негизги ресурстар | Учурдагы нарк чынжырлары | Тоскоолдуктар | Өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөр |
|---|---|---|---|
| Токой ресурстары | Пайдаланылат (жаңгак, мисте, алма, долоно,) | Кара-Көл айылына туризмди өнүктүрүү | Базар-оргон районунун Арстанбап эс алуу жайынын жакындыгы, Кара-Көл айылынын жеринин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | коздугу, климаты |
| Суу ресурстары | Балык чарбасы | Финансылык колдоонун жоктугу | Кара-Көл айылындагы көлдү тосуу менен балык чарбасын уюштуруу. |
| Айыл чарба ресурстары | Үй шартында сүттү кайра иштетүү (курут, сары май, быштак, айран, сүзмө) | Сүт сатуучулардын бирикмелерин уюштуруу | Айыл өкмөт денгээлинде натуралдык өндүрүчүлөрдүн логистикалык борборун түзүүгө көмөктөшүү |
| Аарычылык | Бал өндүрүү | Ош жанан Жалал-Абад областарынын “Бал аарычылык” ассоциациясына кошулуу | Таза бал өндүрүүгө толук мүмкүнчүлүк, шарттар түзүлөт |

### 5.2. КНЧти түзүү жана өнүктүрүү стратегиясы *

ОГУЛдун жумушчу тобу тарабынан өткөрүлгөн фокус топтордун ичинен аялдар тарабынан көтөрүлгөн сунуштар :

- Экотуризмди өнүктүрүү;
- Мөмө-жемиш кургатуучу жабдууларды алуу;
- Асыл тукум сүттүү уйларды сатып алуу;
- Мөмө-жемиш бакчаларын уюштуруу;
- Күнөсканаларды уюштуруу;

### 5.3. Каржылоо жана колдоо

*30-таблица. Каржылоо булактары жана колдоо механизмдери (мисал катары)*

| Баяндоо | Долбоордун болжолдуу баасы | Каржылоо булагы | Мамлекеттик колдоо механизмдери | Көйгөйлөр/Чектөөлөр |
|---|---|---|---|---|
| Азыркы учурда айыл жергесинде малдын жүнү керексиз абалда калып жатат. Ар бир үйдө майда жакдыктар бар. Ошондуктан жүндү кайра иштетүү ишкана ачуу муктаждык пайда болуп жатат. Айыл жергесиндеги иши жок отуурган айымдарды кошумча иш менен камсыз кылуу. Жүндөн ар кандай буюмдарды жасап, рынокко алып чыкса болот. Айыл жерлеринде жүндү кайра иштетүү аркылуу айыл жеринде ыргытылып жаткан жүндүн баалуулугу артат. | 361650 сом | Каржылоо булактарын айыл өкмөттүн жардамы жана тийиштүү долбоорлор, дөмөөрчүлөр аркылуу каржыланат. | Айыл өкмөт, жергиликтүү кеңеш | Айыл жерлеринде малдын көптүгүнөн жүндөр кыркылып, кайра иштетүүгө колго алынбагандыгы |
| Айылдарда жапайы алма,алма көп өсөт. Малдар жеп, жерге түшүп каралбай калууда. Эгер мөмө жемиштерден табигый азыктарды жасап ишкерликти ачуу. Максаты – айыл тургундары табигый таза азыктарды колдоонуу. | 4500000 сом | Каржылоо булактарын айыл өкмөттүн жардамы жана тийиштүү долбоорлор, дөмөөрчүлөр аркылуу каржыланат. | Айыл өкмөт, жергиликтүү кеңеш | Адамдардын боор оорусу жана башка оорулар менен оорусу |
| Гүл бизнеси ар дайым киреше булагынын бир түрү. Күнөсканага отургузулган гулдөр ар дайым суроо- | 2000000 сом | Каржылоо булактарын айыл өкмөттүн | Айыл өкмөт, жергиликтү | Айылдагы жаштар арасындагы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| талапка ээ жана алар өхгөчө майрам учурунда көп сатылаары белгилүү. Көпчүлүк гул өстүрүүчүлөр өздөрү жакшы көрүп жасаган ишинен киреше табууну ойлошот. | | жардамы жана тийиштүү долбоорлор, дөмөөрчүлөр аркылуу каржыланат. | ү кеңеш | ички жана сырткы миграциянын басымдуулугу |
| Үрөндөр жана көчөттөр бизнесин айыл чарбасындагы эң керектүү тармак. Бадалдуу өсүмдүктөрдү өстүрүү менен үрөндөрдү жана көчөттөрдү сатуу. | 3000000 сом | Каржылоо булактарын айыл өкмөттүн жардамы жана тийиштүү долбоорлор, дөмөөрчүлөр аркылуу каржыланат | Айыл өкмөт, жергиликту ү кеңеш | Жайыттар менен токойлордун көйгөйлөрү |
| Кара-Көл айылына туризмди өнүктүрүү колго алынса жакшы болот. Жайдын аптабы же кыштын ызгаары болобу шаардыктар жана чет өлкөлөрдөн келген туристтер тоого, булак суусуна, көлгө эң башкысы таза аба, салкын желге суусап турушат. Айылда таза көл, кооз токой, кызыктуу жерлер бар. | 65000000 сом | Каржылоо булактарын айыл өкмөттүн жардамы жана тийиштүү долбоорлор, дөмөөрчүлөр аркылуу каржыланат | Айыл өкмөт, жергиликту ү кеңеш | Эң алыскы айыл болгодуктан, экономикалык багытты күчөтүү |
| Бал аарычылыкты өнүктүрүү | 613918 сом | Каржылоо булактарын айыл өкмөттүн жардамы жана тийиштүү долбоорлор, дөмөөрчүлөр аркылуу каржыланат | Айыл өкмөт, жергиликту ү кеңеш | Айыл тургундарын иш орундары менен камсыздоо |

## 6-БӨЛҮМ. ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫН БАШКАРУУДАГЫ ГЕНДЕРДИК АСПЕКТИ

### 6.1. Гендердик теңчилик жана жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу

Жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу планын түзүү үчүн гендердик-сезимтал форматта маалыматтарды талдоо жүргүзүү зарыл-башкача айтканда, ресурстарга жетүүдө жана контролдоодо, экономикалык ишмердүүлүктө жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу методдорунда аялдар менен эркектердин тажрыйбасын талдоо. Ошондой эле, улуу муундун тажрыйбасын эске алуу, жаштарды даярдоо жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жана аялдар жетектеген үй-бүлөлөр сыяктуу аялуу топторду колдоо маанилүү. Ошентип, бардык топтордун, анын ичинде аялдардын пикирин жана муктаждыктарын эске алуу, жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруунун комплекстүү планын даярдоонун маанилүү элементи болуп саналат.

### 6.2. Гендердик бөлүштүрүлгөн маалыматтарды чогултуу

Жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруунун гендердик-сезимтал планын түзүүнүн алкагында талдоо жүргүзүү үчүн эркектер менен аялдардын тажрыйбасындагы жана муктаждыктар негизинен аялдар четтелип калат. ындагы көйгөйлөрдү жана айырмачылыктарды аныктоо үчүн эркектер жана аялдар боюнча бөлүнгөн маалыматтарды (гендердик-бөлүнгөн же гендердик-дезагрегацияланган маалыматтар) чогултуу жана пайдалануу зарыл.

Аялдар жерге ээлик кылууда, ресурстук байлыктан пайда алууда же ресурстарды башкаруу боюнча чечимдерди кабыл алууда. Бирок аялдар да тең укуктуу жана туруктуу түрдө жаратылыш ресурстатарына жетип, пайдалануу менен климатка жана өнүүгүгө жардам бере алышат. Жайыт пайдалануучулардын арасында аялдар бар, бирок алар жайытты башкарууга катышышпайт. Ошондуктан жайыт пайдалануучуларга аялдардын укуктарын кеңейтүү менен аялдарды толук камтып биргелешип аракеттенүү керек. Бул маселени чечүү боюнча төмөндөгүдөй иш-чаралар сунушталат

*31-таблица. Жаратылыш ресурстарын башкаруунун гендердик аспектисинин жыйынды таблицасы*

| **Багыттар** | **Жыйналган маалыматтар** | **Эркектер менен аялдардын тажрыйбасындагы аныкталган айырмачылыктар** | **Аялдар үчүн аныкталган тоскоолдуктар** |
|---|---|---|---|
| Жаратылыш ресурстарына жетүү | | Негизинен алып караганда жаратылыш ресурстарына жетүү жана пайдаланууда эркектердин табигый жөндөмдүүлүгү басымдуулук кылат. Аялдар болсо бул багыттагы иштер жеке аял затына тийиштүү болбогондуктан көпчүлүк учурда жаратылыш ресурстарын башкаруу жана пайдаланууда алсыздыгын көрсөтүп келишет. | Жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана климаттын өзгөрүү маселелери боюнча аялдардын маалымдуулугун жогорлатуу |
| Чечим кабыл алууга катышуу | ОГУЛдун жумушчу тобу тарабынан өткөрүлгөн көйгөйлөрдү аныктоо иш-чараларында, отурумдарда, айыл өкмөтү, айылдык Кеңеш тарабынан алынган маалыматтардын негизинде. | Чечим кабыл алууда аялдардын активдүүлүгү жогорлайт | Кошумча маалымат булактарына ээ болуу |
| Иш менен камсыз болуу деңгээли жана экономикалык ишмердүүлүкт үн түрлөрү | Айыл өкмөтү, ОГУЛ | Кызыл-Туу АА боюнча мамлекеттик жана муниципалдык, бизнес чөйрөсүндө, социалдык тармактарда жалпы 126 адам эмгектенсе анын ичинен 15 аял. | Айрыкча айыл жергесинде жашаган аялдар климаттын өзгөрүшүнө байланышкан тобокелдиктерге карата алсыздыгы. Алар климатка адаптацияланган айыл чарбасын иштетүү боюнча негизги көндүмдөрдүн жана билимдердин жоктугу. Ошондой эле аялдар ишкердигин өнүктүүрүгө комплекстүү колдоо көрсөтүү системасынын жоктугу аялдар ишкердигинин сандык жана сапаттык өсүшүнө тоскоол болууда. |
| Билим берүү жана финансылык | Айыл өкмөтү, ОГУЛ, мектеп директорлору | Билим берүү жана финансылык ресурстарга жетүүдө аялдар менен | Бүгүнкү күндө бирдей мүмкүнчүлүк шарттар бар. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| ресурстарга жетүү | | эркектердин айырмалычылыктары жок. Бүгүнкү күндө бирдей мүмкүнчүлүк шарттар бар. | |

## 6.3. Жаратылыш ресурстарын башкаруунун гендердик планын иштеп чыгуу

Бул пунктта максаттар жана милдеттер белгиленет жана жаратылыш ресурстарын гендердик-сезимтал башкаруунун планы келтирилет, ал төмөнкү таблица түрүндө таризделет.

| № | Иш-чара | Индикатор | Аткаруу мооноттору | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Жайыт башкаруу пландарын иштеп чыгуу | Долбоорлордун 30% аялдардын катышуусу менен иштелип чыккан | 01.01.2025 ж чейин | Айыл өкмөт, МИ, ОГУЛ төрагасы жана мүчөлөрү |
| 2. | Жайыттардын жана жайыт инфраструктурасындагы көйгөйлөрдү аныктоо | көйгөйлөрдүн 30% кем эмеси аялдар жана жаштардын тарабынан аныкталып, сунушталган | 01.06.2025 ж чейин | Айыл өкмөт, МИ, ОГУЛ төрагасы жана мүчөлөрү |
| 3. | Инвестициялык долбоорлорду аныктоо | Инвестициялык долбоорлордун 30% жайыт пайдалануучу аялдар жана жаштар тарабынан аныкталган | 01.06.2027 ж чейин | Айыл өкмөт, МИ, ОГУЛ төрагасы жана мүчөлөрү |
| 4. | Жайыт башкаруу пландарынын ишке ашуусуна мониторинг жана баалоо жүргүзүү | Жайыт башкаруу пландарынын ишке ашуусуна мониторинг жана баалоо жүргүзүүдө комиссиянын 30% кем эмес аялдар жана жаштар бар | 01.05.2025- 01.05.2030 ж чейин | Айыл өкмөт, МИ, ОГУЛ төрагасы жана мүчөлөрү |
| 5. | Сүттү кайра иштетүү боюнча топтор жок. | | | |

*32-таблица. Жаратылыш ресурстарын башкаруунун гендердик планын иштеп чыгуу*

| Аныкталган көйгөйлөр (багыттар боюнча) | Иш-чаралар | Күтүлгөн жыйынтыктар | Индикаторлор | Ишке ашыруу мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| **Жаратылыш ресурстарына жетүү** | | | | |
| Жайыттарды башкарууда аялдардын катышуусун жогорлатуу үчүн жеригилктүү кеңешке келе турган аялдардын активдүүлүгүн көтөрүү | Айыл жерлеринде аялдардын демилгелерин колдоо | Квотага ылайык аялдардын депутаттык чөйрөгө келүүсүн колдоо | ЖК курамынын 30% аялдар түзөт | 2025-2026 |
| **Чечим кабыл алууга катышуу** | | | | |
| Жаратылыш ресурстарын башкаруу жаатында чечим кабыл алууда аялдардын санынын төмөндүгү | Жаратылыш ресурстарын пайдалануудагы чечим кабыл алууда гендердик 30% эске алуу | Жаратылыш ресурстарын пайдаланууда көйгөйлөрдүн чечилүүсүндө 30% жакшы шарт түзүлөт. | Жаратылыш ресурстарын пайдаланууда пайда алуучулардын 30% кем эмес аялдар түзөт. | 2025-2029 |
| **Иш менен камсыз болуу деңгээли жана экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү** | | | | |
| Жаратылыш ресуртарын пайдаланууда | Жаратылыш ресуртарын башкаруу жана | Жаратылыш ресрстарын пайдалануу жана | Жаратылыш ресрстарын пайдалануу жана | 2025-2027 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| аялдардын катышуусунун төмөндүгү | пайдалануу иштерине аялдарды тартуу | башкаруу ишмердүүлүктөрүндө аялдардын саны өсөт, жумуш менен камсыз болот | башкаруу ишмердүүлүктөрүндө аялдардын саны өсөт, жумуш менен камсыз болот | |
| Айылдарда аялдардан түзүлгөн топтор аркылуу же жеке ишкердик менен алектенген аялдар аркылуу атайын жумуш орундарын түзүү | Жеке ишкердик менен фирмаларды уюштуруу | Бир нече үй бүлөлөрдү жумуш орду менен камсыздоо аркылуу, социалдык экономикалык мүмкүнчүлүктөр жакшырат | Мүмкүнчүлүгү жакшыртылган үй бүлөлөрдүн саны көбөйөт | 2025-2026-2027 |
| **Билим берүү жана финансылык ресурстарга жетүү** | | | | |
| Аялдардын демилгелерин колдоо аркылуу, окуутуларга катыштыруу, долбоорлорду жазууга үйрөтүү | Долбоорлор жазылат, ишке ашырылат | Ийгиликтүү ишке ашырылган долбоорлор аркылуу социалдык экономикалык шарттар жакшырат | Ийгиликтүү ишке ашырылган долбоорлор | 2025-2029 |
| Финансылык сабаттуулуктун төмөндүгү | Аялдар үчүн финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча атайын иш-чараларды уюштуруу | Финансылык сабаттуу боло алышат. | Ийгиликтүү ишкер аялдар көп болушат | 2025-2027 |

## 7-БӨЛҮМ. КОМПЛЕКСТҮҮ БАШКАРУУНУН ЖЫЛДЫК ПЛАНЫ

Жылдык план – токой пайдалануучулардын жана жайыт пайдалануучулардын сунуштарын жана арыздарын эске алуу менен түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын токой жана жер мыйзамдарынын талаптарына жооп берүүгө тийиш.

Жылдык план – таблицалар, максаттуу программалар, иш-чаралардын пландары, карталар, календардык графиктер ж. б. түрүндө иштелип чыгат.

Жылдык план – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан бекитилгенден кийин аткаруу үчүн милдеттүү болуп саналат.

### 7.1. Жылдык пландын мазмуну

| № | Максаттуу пландар | Аткаруу мөөнөтүү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Токой пайдалануучулардын жана жайыт пайдалануучулардын бир жылдык иш планын түзүү | 2025-жыл | Айыл өкмөт, МИ, ОГУЛ |
| 2 | Токой пайдалануучулардын жана жайыт пайдалануучулардын бир жылдык сметасын түзүү | 2025-жыл | ОГУЛ, муниципиалдык ишкана, айылдык кеңеш |
| 3 | Токойдун аянтын сактоо үчүн питомниктерди уюштуруу | 2025-жыл | Айыл өкмөт, МИ, ОГУЛ |
| 4 | Жайыттардын инфраструктурасын жакшыртуу | 2025-жыл | Айыл өкмөтү, жергиликтүү жамааттар, жайыт пайдалануучулар |
| 5 | Жайыт пайдалануучулар менен мал ээлеринин биргелешкен айыл өкмөт боюнча жылдык чогулушу | 1 - квартал 2025-жыл | Айыл өкмөт, айылдык кеңеш, МИ, ОГУЛ, ветеринар адиси, |
| 6 | Жайыт чөптөрүнө тыныгуу берүү жана үрөндөрдүн бышып жетилишин камсыздоо үчүн жайкы | 2025-жылдан | Айыл окмот, донорлор |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жайыттарга ротациялык мал жаюу системасын киргизүү | тартып жылдар аралыгында | |
| 7 | Малчылар жайыт чөптөрдүн өсүшү боюнча өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүп туруу. | 2025-жылдан тартып, себүү убактысынан тартып | Айыл өкмөт, донорлор |
| 8 | Жайыттарга кошумча чөп себүү: | 2026-жылдан тартып | Айыл өкмөт, донорлор |
| 9 | Жайыттын деградациясы төмөнкү чектен өтүп кеткен өзгөчө жагдайларда чөптү кайра себүү жана минералдык жер семирткичтерди колдонуу. | 2026-жылдан тартып | Айыл өкмөт, донорлор |
| 10 | Жайыттарга минералдык жер семирткичтерди себүү: минералдык жер семирткичтерди колдонуу (азот, фосфор, калий, комплестүү).<br>Жайыттарды малалоо. | 2026-жылдан тартып | Айыл өкмөтү, жергиликтүү жамааттар, Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институту, Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу,коргоо жана карантин департаменти. |

Тиркеме

Жаратылыш ресурстарын комплекстүү башкаруу жана климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулук планына мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча иш чаралар

| № | Иш чара | ыкма | мөөнөтү | жооптуулар | Иш чаранын аткарылышы | индикаторлор |
|---|---|---|---|---|---|---|
| *Даярдоо этабы* | | | | | | |
| 1 | ПКУПРУИКти иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүү | талкуулар/сунуштар | 1 күн | Айыл өкмөтү | АӨ башчысынын тескемеси | ПКУПРУИКти иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун тизмеси |
| 2 | Жооптуу адамдарды окутуу, кеңеш берүү | Окутуу, кеңеш берүү | 2-3 күн | Айыл өкмөтү CS-FOR | Отчет | Тренинг Кеңеш берүү |
| 3 | Расмий статистикалык маалыматтарды жыйноо | Документтерди изилдөө | 7 күн | АӨ жумушчу тобу | АА стат бөлүмүнүн маалыматы | Стат маалыматтар ЖК, ТЧ ж.б. маалыматтар |
| 4 | Фактарга негизделген ишенимдүү маалыматтарды чогултуу | Сурамжылоо Жолугушуулар Сүйлөшүүлөр | 7 күн | АӨ жумушчу тобу | Чабандардан, аксакалдардан, малчылардан, токойчулардан ж.б. маалыматтар | Фактически маалыматтар |
| 5 | Жайыт аянттарынын жана жерлеринин колдо болгон карталарын изилдөө | Документтерди, карталарды ж.б. изилдөө | 2-3 күн | АӨ жумушчу тобу | Отчет | Карты, маалыматтар, аналитика |
| *Иштеп чыгуу этабы* | | | | | | |
| 6 | ПКУПРУИКтин төмөнкү бөлүмдөрүн иштеп чыгуу:<br>1-бөлүм. жалпы маалымат<br>2-бөлүм. токой чарабанын жана айыл аймагынын жаратылыш ресурстары<br>3-бөлүм. малдын саны жана алардын жайыт тоютуна болгон керектөөсү | Жумушчу топто иштөө | 7-21 күн | АӨ жумушчу тобу | Даярдалган ПКУПРУИК, Жылдык план | Даярдалган ПКУПРУИК, Жылдык план |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 4-бөлүм. жайыттарды башкаруу жана пайдалануу, аларды жакшыртуу жана калыбына келтирүү боюнча 5 жылга чейинки мезгилге адаптациялык иш-чаралардын орто мөнөттүү планы<br>5-бөлүм. киреше алып келүүчү иш-аракеттердин абалы жана өнүгүүсү<br>6-бөлүм. жаратылыш ресурстарын башкаруудагы гендердик аспекти<br>Жылдык иш планды иштеп чыгуу | | | | | |
| Макулдашуу баскычы | | | | | | |
| 7 | ПКПРУИКтин жумушчу вариантын ОГУЛ отурумунда талкуулоо жана бекитүү | отурум, сунуштар, пикирлер | 1 күн | Айыл өкмөтү | ОГУЛдун отурумунун протоколу. Сын пикирлер жана сунуштар | Талкуунун протоколу. Документ жактырылды. Бардык сунуштар эске алынды. |
| 8 | ПКУПРУИКти ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга (РУАР) кароого жөнөтүү | | 7 күн | Айыл өкмөтү, РУАР | Сын-пикирлер жана сунуштар эске алынган документ | Документ жактырылды. Бардык сунуштар эске алынды. |
| 9 | РМА башчысына ПКУПРУИКти иштеп чыгуунун жүрүшү тууралуу маалымат берүү жана РУАР менен макулдашуу | | 2 күн | Айыл өкмөтү | РМА башчысына кат | РМАга жөнөтүлгөн кат |
| *Бекитүү баскычы* | | | | | | |
| 10 | ПКУПРУИКтин финалдык вариантын жергиликтүү | | | Айыл өкмөтү | АК токтому | Бекитилген ПКУПРУИК |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | кеңештин сессиясына бекитүүгө жөнөтүү. | | | | | |

**БЕКИТЕМ**
Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы

________________ Д.Бокошов
“____”______________ 2025-жыл

**Тиркеме 1. АА жана ОГУЛдун жайыттарды башкаруу боюнча ишинин графиги**

| № | Иш-чаралар | Айлар | | | | | | | | | | | | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | I | II | III | IV | V | VI | VII | VIII | IX | X | XI | XII | |
| 1 | Жайыт пайдалануучулардын жылдык чогулушу | | | | | | | | | | | | | ОГУЛ, МИ, А/О |
| 2 | АА малды эсепке алуу | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөт, МИ, Стат, Ветеврач,Айыл башчылар |
| 3 | Бак-дарактарды отургузуу | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөт, ОГУЛ, МИ, токой кызматы, айыл башчылар |
| 4 | Токой питомниктерин уюштуруу | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөт, ОГУЛ, жеке ишкерлер, агроном,токой кызматы |
| 5 | Жайыт питомниктерин уюштуруу | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөт, ОГУЛ, жеке ишкерлер, агроном,токой кызматы |
| 6 | Демонстрациялык участокторду уюштуруу (калтырып коебуз да байкоо жургузообуз | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөт, ОГУЛ, жеке ишкерлер, агроном,токой кызматы |
| 7 | Жасалма уруктандыруу пункттарды уюштуруу | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөт, МИ,ОГУЛ, ветеринария кызматы, жерг.кеңеш, жеке ишкерлер |
| 8 | Малдын асылдандыруусун жогорлатуу | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөт, МИ,ОГУЛ, ветеринария кызматы, жерг.кеңеш, жеке ишкерлер |

**БЕКИТЕМ**
Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы

_______________ Д.Бокошов
"____"_____________ 2025-жыл

**Тиркеме 2. Мал жаюунун календардык планы жана графиги**

Ар кайсы участоктордо мал жаюунун тартибин, жайыттын болжолдуу мөөнөттөрүн жана мезгилин көрсөткөн жайыт графиги. Мал жаюунун графиги, Кыргызгидрометтин аба ырайынын болжолдоосун эске алуу менен түзүлөт жана сакталат (айлык болжолдоо, 3 күндүк болжолдоо жана катуу шамал жөнүндө эскертүү). Иш процессинде ай сайынкы божомол 3 күнгө болжолдоо жана жайыттарда бороон-чапкын тууралуу эскертүүлөр менен жаңыланат. Мал жаюу графиги мал жаюу схемасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

| № | Жайыт участогу | Аянты | Узактыгы | Мөөнөтү | Малчылар | Жайытка чыккан малдар | Оптималдуу сыйымдуулук |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Эчкилүү Кара -Таш | 1523,03 | 90-100 км | 15-май<br>15-сентябрь | | | **772** |
| 2 | Уч-Кызыл | 6523,61 | 10-25 км | 1-апрелден<br>1-декабрга чейин | | | **1031** |
| 3 | Кара-Булак | 7696,58 | 25-45 км | 1-апрелден<br>30-майга чейин,<br>1-сентябрдан<br>1-декабрга чейин | | | **922** |
| 4 | Көк-Арт | 5726,36 | 90-100 км | 1-июндан<br>1-сентябрга чейин | | | **2901** |
| 5 | Калдама | 1353,97 | 90-100 км | 1-июндан<br>1-сентябрга чейин | | | **915** |
| 6 | Жазкечүү | 362,45 | 55-60 км | 1-майдан | | | **184** |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1-сентябрга чейин | | | |

**Тиркеме 3. Жайыттарды баалоо жана мониторинг планы**

| Көйгөйлөр | Иш-чаралар | Ыкма | Мөөнөтү | Жооптуу | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| Үч Кызыл участкаларында деградациянын белгилери байкалууда | Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү | Жеринде барып көрүү | Жылына 2 жолу | Айыл өкмөтү, МИ | Деградациянын себептери аныкталып, алардын алдын алуу боюнча иш чаралар белгиленди. |
| Кочкор-Ата, Чыны-Булак, Ак-Таш, Ташбака, Ышкырты жайыт участогунун 30 км. жолунун начардыгы | Кочкор-Ата, Чыны-Булак, Ак-Таш, Ташбака, Ышкырты жайыттарынын 30 км жолун калыбына келтирүү | Жеринде жолду оңдоо | Жылына 2 жолу | Айыл өкмөтү, МИ | Кочкор-Ата, Чыны-Булак, Ак-Таш, Ташбака, Ышкырты жайыттарынын жолунун узундугу 30 км болгон жол калыбына келтирилет |
| Малдар үчүн суу ичүүчү жайдын жоктугу | Шатрак, Талаа-Булак каптаж оңдоо | Жеринде барып көрүү | Жылына 2 жолу | Айыл өкмөтү, МИ | Жаңыртылган каптаж |
| Жаз мезгилде жайыт тоютунун жетишсиздиги | Чөптөрдүн түшүмдүүлүгүн аныктоо | Жеринде барып көрүү | Жаз, жай,күз | Айыл өкмөтү, МИ, ОГУЛ | Жакшыртылган жайыт |
| Суу көйгөйү бар | Ак-Булак айылына токойлорго жана жайыттарга суу чыгаруу (каптаж куруу) | АА чечими менен | 2025-2026-жыл | Айыл өкмөт, МИ, ОГУЛ | Малдар таза суу ичет, малдын прордуктивдүүлүгү жогоруланат. Булактын көзү тазаланат. Жайыттарыбыздын түшүмдүүлүгү өсөт. |
| Куунарсыз жайыттар көбөйүүдө | Жайыттардын түшүмдүүлүгүн баалоо | Жеринде көрүү | Жаз, жай,күз | Айыл өкмөт, МИ, ОГУЛ | Жайыттардын түшүмдүүлүгү артат |
| Куураган дарактардан арылуу менен жуугуштуу оорулардан арылуу | Токойлорду санитардык кыйуу | Жеринде иш алып баруу | Жаз,Күз | Айыл өкмөт, МИ, ОГУЛ | Бак-дарактар куураган дарактардан арылып, жашарат. |
| Токойлордо зыянкечтердин көбөйгөндүгү | Токойлорду дарылоо | Жеринде иш алып баруу | Жай | Айыл өкмөт, МИ, ОГУЛ | токой зыян кечкертет арылат, дарактарыдын ооруусу азаят |
| Үч-Кызыл жайыт участкаларында | Үч Кызыл жайыт участкасынын жайыттарын жакшыртуу максатында демонстрациялык участкаларды уюштуруу жана орнотуу | Жеринде барып көрүү | Жаз, жай,күз | Айыл өкмөт, МИ, ОГУЛ | Чөп өсөт, жайыт жакшырат |
| Тоютка даярдык көрүү | Тоюттарды жыйноо (жүгөрүү, дан өсүмдүктөрүү оруу жана жыйноо) | Кол күчү, техника колдонуу | Жай, Күз | Айыл башчылар | Элдер тоют менен жеткиликтүү камсыз болушат |
| Жергиликтүү элдердин экономикалык жактан колдоо | Токой түшүмдөрүн жыйноо | Адам күчү менен жыйноо | Жай,Күз | Токой фондунун жетекчиси, айыл башчылар, айыл | Элдер экономикалык жактан жеткиликтүү камсыз болушат |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | тургундары, арендага алгандар | |

**БЕКИТЕМ**
Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы

_________________ Д.Бокошов
“____”_______________ 2025-жыл

**Тиркеме 4. Перспективалык иш планы, 2025-2030-жж.**

| **№** | **Иш чара** | **Аткаруу мөөнөтүү** | **Индикатор** | **Жооптуулар** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мал жаюу системасын жакшыртуу | 2025-2026 | Эс алган жайыттар, га менен | Жайыт комитети, жайыт пайдалануучулар,МИ |
| 2 | Жайыттардын абалын жакшыртуу | 2025-2026 | Жайыттардын деградациясын алдын алуу | Жайыт комитети, жайыт пайдалануучулар |
| 3 | Жайыт инфра түзүмдөрүн өркүндөтүү жана реконструкциялоо | 2025-2027 | Оңдолгон көпүрөлөр, оңдолгон жолдор, каптаж | Жайыт комитети, жайыт пайдалануучулар,МИ |
| 4 | Мал чарбасын өнүктүрүү | 2026-2029 | Асыл тукум мал чарбачылыгы | Фермерлер, ветеринарлар |
| 5 | Малдардын ден-соолугун жакшыртуу | 2025-2029 | Таза кандуу, асыл тукум малдардын санын көбөйтүү | АА, фермерлер, ветеринарлар |
| 6 | Климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу | 2025-2030 | | |
| 7 | Гендерге басым жасоо менен киреше алып келүүчү иш аракеттер | 2025-2030 | Жумушчу орун түзүлгөн ( сары май, курут, сүттү) кайра иштөөтүүчү ишканалардын саны | Аялдар, айыл өкмөтү |
| 8 | Билим даражасын жогорлатуу | дайыма | Туура пайдаланылган жайыттар, асыл тукум малдар | Фермерлер, ветеринарлар, донордук уюмдар, айыл өкмөтү |

**БЕКИТЕМ**
Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы

_______________ Д.Бокошов
“____”______________ 2025-жыл

**Тиркеме 5. Жылдык инвестициалык иш планы, 2025-ж.**

| № | Кичидолбоорлордун аталышы | Жайгашкан жери | Мөөнөтү | Сумма, сом | Каржы булагы, сом | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | АА | CS-FOR | Башка булактар |
| 1 | Кара-Көл айылындагы көлмөнү тосуу | Кара-Көл айылы | 2025-жыл | 2 000 000 | 0 | 0 | 2 000 000 |
| 2 | Жайыт аянттарына тосуу | Ышкырты жайытына 10-15 га | 2025-жыл | 1500 000 | 0 | 0 | 1500 000 |
| 3 | Ак-Булак, Кара-Көл, Алчалуу, Кызыл-Алма жана Караинген айылдарындагы 6900 метр жайыт менен чөп орок жерлерин бөлүп тосуу менен тоют базасын жакшыртуу | Ак-Булак, Кара-Көл, Алчалуу, Кызыл-Алма жана Караинген айылдарындагы 6900 метр жайыт жерлери менен чөп орок жерлерин бөлүп тосуу | 2025-жыл | 2 000 000 | 0 | 0 | 2 000 000 |
| 4 | Ак-Булак айылынына айыл чарба багытындагы чоң көпүрөнү салуу | Ак-Булак айылы | 2025-жыл | 2 000 000 | 0 | 2 000 000 | 0 |
| 5 | Беккари чуңкурун салуу | Таштак айылына караштуу Осунбек Булак участкасына | 2025-жыл | 1 200 000 | 600 000 | 600 000 | 0 |
| 6 | Жайыттарга мониторинг жана баалоо жүргүзүү | Кызыл-Туу АА бардык жайыттарында | Жыл сайын | 20 000 | 20 000 | 0 | 0 |
| 7 | Сок-Таш айылына мал ичүүчү суу, каптаж куруу | Сок-Таш айылы | 2025-жыл | 500 000 | | 500 000 | 0 |
| | **Бардыгы:** | | | **15 220 000** | **620 000** | **8 600 000** | **5500 000** |

## Тиркеме 6. Ички эрежелер жана бузуулар үчүн жоопкерчилик

Жайыттарды пайдалангандыгы үчүн төлөмдөрдү аныктоо:
Кызыл-Туу АА боюнча жайыт пайдалануучулар менен мал ээлеринин жалпы чогулушунда макулдашылып, протокол менен кабыл алынып, Кызыл-Туу айылдык кеңеш аркылуу бекитилет.

**Жайыттарды пайдалануу режими жана бузуулар үчүн жоопкерчилик.**
Жылдык план – айылдык Кеңеш тарабынан бекитилгенден кийин бардык жайыт пайдалануучулар тарабынан милдеттүү түрдө аткарылат. Жайыт пайдалануучулар жайыттарды жаюунун жана пайдалануунун белгиленген режимин бузгандыгы үчүн укуктук жол-жоболорго ылайык административдик жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн. Тиешелүү айылдык аймактын чегинде зарыл болгон жол-жоболорду ишке ашырууга негиз түзүү максатында жайыттарды пайдалануунун режими айылдык Кеңештин сессиясында бекитилет.

### Ички эрежелер:

Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" мыйзамына ылайык жайыт пайдалануучулар төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

1. Мал жайуунун алдында Жайыт комитетинен жайыт билетин, келишимин алууга.
2. Ветеринардык кызматта катталган жергиликтүү ветеринардан бардык эмдөөлөр жана вакцинациялар жүргүзүлгөндүгү тууралуу маалымкат алууга.
3. Малды Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы менен макулдашылып жана жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилгенден кийин гана Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планына ылайык жайытка жаюуга (мал жаюу планы жана графиги бул пландын негизги бөлүктөрүнүн бири болуп саналат).
4. Жайыт мезгили 1-апрелде башталат.
5. Күзгү жайыт мезгили 15-ноябрда аяктайт, климаттын шарттарына жараша 30- ноябрга чейин узартылышы мүмкүн.
6. Жайыт пайдалануучуларды жазгы (ортоңку) жайыттарга көчүрүү 1-апрелден 25-майга чейин жүргүзүлүшү шарт.
7. Жайыт пайдалануучуларды жайкы алыскы жайыттарга көчүрүү 15-майдан 25-майга чейин жүргүзүлүшү керек.
8. Ортоңку күзгү (кыштоо) жайыттарга 1-сентябрдан баштап кайтып келсе болот, ал эми мал жайылуучу участокторго түшүм жыйналгандан кийин, 20-сентябрдан баштап көчсө болот.
9. Айдоо аянттарына жакын жерде жайгашкан бардык жайыт пайдалануучулар 15-апрелден баштап жазгы жайыттарга көчүрүлүүсү талап кылынат.
10. Жайыт пайдалануучулардын жалпы чогулушунда кабыл алынган чечимге ылайык, айыл ичинде 1 жумушчу ат, 2-3 саан уйлар калтырууга уруксат берилет, калган мал жайкы жайыттарга чыгарылышы керек.
11. Башка учурларда бардык жайыт пайдалануучулар менен келишим түзүлөт, жана жайыт пайдалануу акысы келишимдин негизинде Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы №515 токтому менен бекитилген Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобого ылайык төлөнөт.
12. Жайыт пайдалануучулар жайыттан кайткандан кийин чарбасы менен жайытка конгон ордун тазалап, таштандыларын чогултуп ала кетиши талап кылынат.

13. Айлана чөйрөнү коргоо багытындагы бардык талаптарды сактоо.

**Бузуулар үчүн жоопкерчилик**

Мыйзам актыларына ылайык эрежелерди бузгандыгы үчүн санкциялар белгиленет

1. Сузак райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы менен макулдашылып жана жергиликтуу кеңештин сессиясында бекитилген өлчөмдөгү жайыт пайдалануу акысын төлөөдөн баш тартылган учурда, жайыт комитети карызды жана айыпты жана жайыт пайдалануучунун укуксуз иш-аракетинин натыйжасында келип чыккан башка чыгымдарды өндүрүп алуу учун документтерди сотко берүүгө укугу бар.
2. Жайыт пайдалануу үчүн акы төлөө мөөнөтү өтүп кеткен учурда жайыт билетинде көрсөтүлгөн төлөмдүн жалпы көлөмүнөн ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,5% өлчөмүндөгү туум алынат.
3. Эгерде айылда 10 жылкыдан, саан уйлардан, 3-5 койдон ашык мал калтырылса, төмөнкү чаралар колдонулат: Жалпы чогулуштун чечими жана аксакалдар сотунун чечими боюнча малдын ар бир башына 500-5000 сом өлчөмүндө айып салынат.

   Эгерде мал айдоо аянттарына жайылып кетсе, алгачкы жолу ооз эки эскертүү берилет, андан кийин
   - Бодо малга биринчи жолу - 1000 сом, өлчөмүндө айып салынат.
   - Майда малга ар бир туягына 500 сом өлчөмүндө айып салынат, эреже бузуу үчүнчү ирет кайталанган учурда, кетирилген зыян эсептелип, иш аксакалдар сотуна же сот органдарына жөнөтүлөт.
4. Жазгы, жайкы жана күзгү жайыттарда мал жаюу графигин бузган жайыт пайдалануучуларга, бодо малдын ар бир башына – 1000 сом, майда малга – 500 сом өлчөмүндө айып салынат жана жайытка 1 сутканын ичинде кайтып баруу жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирме берилет.
   - Жайыт пайдалануучу айып төлөөдөн баш тарткан учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.
5. Айлана чөйрөнү коргоо багытындагы талаптар аткарылбаган учурда административдик жоопкерчилик боюнча кодекске ылайык жоопкерчилик тартат.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги сегизинчи сессиясы

ТОКТОМ №8-8

Мундуз айылы 13-февраль 2025-жыл

**Жашасын-2 айылындагы № 111 И.Стамкулов атындагы орто мектебине спорттук зал курууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 24-январындагы № 01-28/98 сандуу кайрылуу катынын негизинде, айылдык кеңештин маданият, спорт жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын баяндамасынын сунушун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Жашасын-2 айылындагы № 111 И. Стамкулов атындагы орто мектебине спорттук зал курууга макулдук берилсин.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык еңешинин VIII чакырылышынын кезектеги сегизинчи сессиясы

ТОКТОМ №8-9

Мундуз айылы 13-февраль 2025-жыл

**Айыл аймактагы таза суу скважиналары жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги № 207 “Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө” токтомун, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын 2024-жылдын 13-майындагы № 27-3947 сандуу тапшырмасын, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 13-январындагы № 01-28/24 сандуу кайрылуу катын негиздеп, айылдык кеңештин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын баяндамасынын сунушун угуп жана талкуулап Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасынын балансында турган 26 таза суу скважиналарын Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу суу ресурстары кызматынын Сузак райондук суу чарба башкармалыгынын карамагына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жана “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Т.Халбаевге жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги сегизинчи сессиясы

ТОКТОМ №8-10

Мундуз айылы 13-февраль 2025-жыл

**Кызыл-Туу айылдык кеңешинин иш пландары жөнүндө**

Кызыл-Туу айылдык кеңештин Регламентине ылайык, айылдык кенештин бардык туруктуу комиссиялардын бир жыл ичинде аткарылуучу иш-чаралардын топтому менен таанышып чыгып, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айылдык кеңешинин жана туруктуу комиссиялардын 2025-жыл үчүн иш пландары тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Иш пландарга ылайык иш алып баруу туруктуу комиссиялардын төрагаларына милдеттендирилсин.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги сегизинчи сессиясы

ТОКТОМ №8-11

Мундуз айылы 13-февраль 2025-жыл

**Билим берүү уюмунун ысымын өзгөртүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү ишмерлеринин элесин түбөлүккө калтыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы комиссиянын жыйналышы тууралуу кеңешменин 2024-жылдын 24-июнундагы № 18-5625 сандуу протоколдук тапшырмасына ылайык, Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 24-январындагы № 07-3/325 сандуу катын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 13-февралындагы сунуш катынын негизинде айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Бостон айылындагы №30 Х. Кенжаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин ысымы Ишеналы Арабаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби деп өзгөртүлсүн.

2. Ишеналы Арабаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби болуп өзгөртүүгө кетүүчү иш кагаздарын даярдоо менен Сузак райондук билим берүү бөлүмүнө сунуш берүү жагы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовго жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**